# КУРАНДА МҮНАФЫКТЫН КУЛК-МҮНӨЗҮ
# KURAN'DA MÜNAFIK KARAKTERİ

**Адамдардын арасында ушундайлар бар:**
**«Биз Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирдик» дешет;**
**чынында болсо ишенишпейт.**
**(Бакара Сүрөсү, 8)**


## ХАРУН ЯХЬЯ – АДНАН ОКТАР
## HARUN YAHYA

**Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı "Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.**

**Birinci Baskı: Haziran, 2002**
**İkinci Baskı: Eylül, 2005**
**Üçüncü Baskı: Ekim, 2005**
**Dördüncü Baskı: Kasım, 2005**
**Beşinci Baskı: Şubat, 2007**

**ARAŞTIRMA**
**YAYINCILIK**

Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi
İbrahim Elmas İş Merkezi
A Blok Kat 4 Okmeydanı - İstanbul
Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı: Entegre Matbaacılık
Sanayi Cad. No: 17 Yenibosna-İstanbul
Tel: (0 212) 451 70 70

**www.harunyahya.org - www.harunyahya.net**

# М А З М У Н У

КИРИШҮҮ

МҮНАФЫКТАРДЫН
НЕГИЗГИ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

ЫЙМАНДУУЛАРДЫ АЛДОО
АРАКЕТТЕРИ

МҮНАФЫКТАРДЫН
АКЫЛСЫЗДЫКТАРЫ

ФИТНА ЧЫГАРУУЧУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

ЫЙМАНДУУЛАРГА КАРШЫ
ЖАСАГАН АРАКЕТТЕРИ

АЛЛАХ МҮНАФЫКТАРДЫ АЧЫККА
ЧЫГАРАТ ЖАНА АЗАПТАЙТ

ДАРВИНИЗМДИН КЫЙРАШЫ

# ОКУРМАНГА

• Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

• Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

• Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу бойунча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

• Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

• Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

• Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Курани Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм

жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# КИРИШҮҮ

**Б**ир Мусулмандын эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул анын өзүнө Куранды жол башчы кылышы. Куранды жол башчы туткан адам өзүн да, дүйнөнү да, жашаган коомун да Курандын аяттарына карап анализ кылат. Себеби Куранды аны жана бүт ааламды жараткан Аллахтын түшүргөнүн билет. Ал бүт нерсени жараткандыктан, бүт нерсенин эң туурасын да Ал билет.

Мүлк Сүрөсүнүн «Ал жараткан (нерселер)ин билбейби? Ал – Латиф, Хабир» деген 14-аяты да ушул чындыкка ишарат кылууда. Аяттагы Аллахтын «Хабир» сыпаты «бүт нерсенин ич тарабын, жашыруун тарабын билүүчү» маанисине келет.

Аллах бүт нерсенин көрүнбөгөн ич тарабын билет жана бул чексиз илиминин бир бөлүгүн Өзү түшүргөн китебинде ыймандууларга жол көрсөтүүчү болушу үчүн баяндап берген. Бир Куран аятында буга мындайча басым жасалат:

**Силерге өзүңөрдөн, силерге аяттарыбызды окуй турган, силерди тазалай турган, силерге Китеп жана хикматты жана билбегениңерди үйрөтө турган бир элчи жөнөттүк. (Бакара Сүрөсү, 151)**

Ошондуктан, бир Мусулман Курандын аяттарын абдан кунт коюп окушу керек жана Аллах бул аяттарда берген маалыматтарды «Биз аларга анын акыйкат экени анык болгонго чейин, Өзүбүздүн (кудурет) белгилерибизди мейкиндиктерде жана алардын өздөрүндө көргөзөбүз...» (Фуссилат Сүрөсү, 53) өкүмүнө ылайык тышкы дүйнөдө да көрөөрүн унутпашы зарыл. Куранда тышкы дүйнө жөнүндө абдан маңыздуу жана хикматтуу маалыматтар берилет. Бул маалыматтардын арасындагы эң маанилүүлөрүнүн бири – бул Мусулмандын кандай коомго, кандай адамдарга кезигээрин баяндаган аяттар. Аллахтын динин жана сонун адеп-ахлагын жашоого, жана муну башка адамдарга айтып берүүгө милдеттүү болгон ыймандуу адам ар кандай адамдарга жана ар кандай жоопторго жолугат. Кээ бирлери аны угушат, кээ бирлери болсо ага каршы чыгышат. Куранда булардын баары баяндалат жана Мусулмандар кандай абалдарда кандай мамиле кылышы керек экенин үйрөнүшөт.

Бул китепте болсо Куранда дайыма көңүл бурулган бир адамдар тобун, мүнафыктарды карайбыз.

Мүнафыктар – Куран аяттарында билдирилгендей, эки жүздүү, жалганчы адамдар, жана чынында момун болуп ыйман келтиришпегенине карабастан, өздөрүн ыймандуу катары көрсөтүшөт. Эң маанилүүсү мындай алдамчылыгын өз башынча жасашпайт; ыймандуулардын арасына кирүүгө, өздөрүн алардан сыяктуу көрсөтүүгө аракеттенишет. Мындай кылуу аркылуу ыймандуулар менен бирге болуп, бир катар дүнүйөлүк кызыкчылыктарга жетүүнү үмүттөнүшөт.

Ыймандуулардын жанына келип, ыйман келтирген сыяктуу көрүнүү менен момундарды алдай алам жана алар ээ болгон кээ бир мүмкүнчүлүктөрдөн пайдалана алам деп ойлошот.

Үмүт кылган кызыкчылыктарга жете албашын түшүнгөндө, же момундардын башына Аллахтан сыноо катары бир кыйынчылык келгенде болсо, ошол замат алардан бөлүнүп кетишет жана чыныгы

жүзүн көрсөтүшөт. Бөлүнүп кеткен соң, же бөлүнүп кетип атып, момундарга зыян берүүгө, алардын арасындагы биримдикти бузууга аракет кылышат. Момундардан алыстаган соң, каапырлар менен кызматташып, зыян берүү аракеттерин улантышат. Ошондуктан, мындай эки жүздүү адамдарга Куранда «мүнафык» (б.а. нифак чыгаруучу, бузукулук жана фитна чыгаруучу) деген ат ыйгарылган.

Мүнафыктар – бул Куранда көптөгөн аяттарда баяндалган жана ыймандуулардын этият болушу эскертилген адамдар. Ушул себептен, өзүнө Куранды жол башчы тутунган бир момун мүнафыктарга карата этият болушу, алардын өзгөчөлүктөрүн билиши зарыл. Себеби Куран ахлагы менен жашаган ар бир момун коом сөзсүз мүнафыктарга жолугат.

Бул адамдарды бир гана Пайгамбарыбыз (сав) доорунда Мекке жана Мединада жашаган бир коом деп ойлоо болсо такыр туура эмес. Себеби бул адамдар, бүт доордогу сыяктуу, кебетесин өзгөртүп, азыркы доорго ылайыкташкан мүнафыктар келбетинде алдыбызда турушат.

Учурдагы Мусулмандар арасында да, бүт доорлордо болгон сыяктуу, жасалма Мусулман өзгөчөлүктөрү менен өздөрүн камуфляж кылып жашырдык деп ойлогон мүнафыктардын коому бар. Бул адамдар тымызын, кээде өздөрү сыяктуу чын ыклассыз (жасалма) бир дин түшүнүгүнө ээ адамдар менен достошуп, чындыкты жашыруу, батылга (жалганга) алмаштыруу, динде бөлүнүп-жарылууну чыгаруу, момундарга материалдык-моралдык зыян берүү максатын көздөшөт.

Куран бүт доорлорго жана бүт коомдорго кайрылгандыктан, бүт нерсени Куран көзү менен анализ кылган бир адам Аллахтын «... Ал силерге аяттарын көрсөтөт, силер болсо аларды билип тааныйсыңар» (Немл Сүрөсү, 93) өкүмүнө ылайык мүнафыктар жөнүндөгү аяттардын ишке ашканын, азыркы доордо да мындай адамдардын Курандын бир керемети катары дал Куранда сүрөттөлгөндөй иш-аракеттерди жасаганын көрүшөт. Бул жагынан караганда, мүнафыктар жашырган жаман ниеттерин ачыкка чыгаруу, чыныгы жүзүн ачып көрсөтүү, Аллахка жана динге карата тымызын бир согуш жүргүзүшүнө каршы Куран менен пикирдик күрөшүү Аллах Кабатында сыйлыгы үмүт кылынган маанилүү бир ибадат болот.

Мүнафыктын кулк-мүнөздөрүн таануу дагы бир тараптан маанилүү: момундар бул өзгөчөлүктөргө карап, өздөрүн да тарбиялоого милдеттүү. Туура эмес бир иш-аракеттин мүнафык же каапырдын өзгөчөлүгү экенин билүү момундун мындай иш-аракеттерге карата абдан этият болушун камсыздайт. Мисалы, текебердүү болуу (бой көтөрүү) бир мүнафыктын жана каапырдын мүнөзү. Бирок момун да өзүн бош койгондо, капылет калганда, текебердүү бир мамиле жасашы мүмкүн. Бирок кылганынын мүнафык жана каапырдын кулк-мүнөздөрүнүн бири экени эскертилгенде, ылдам катасынан кайтат. Ошондуктан, мүнафыктарды баяндаган аяттарды окуп жатканда, момундар буларга өзүн салыштырып, сабак алышы зарыл.

Бул китепте ушул максатта Куран аяттарынын негизинде мүнафыктын кулк-мүнөзү таанытылат жана момундар насаат алып, алыс болушу керек болгон иш-аракеттер каралат.

# МҮНАФЫКТАРДЫН НЕГИЗГИ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**М**үнафыктар ыйман келтирген чын ыкластуу Мусулмандардан сырткы көрүнүшү жагынан ичке бир сызык менен айырмаланышат; бирок ички жүздөрү такыр башка. Мүнафыктар сырттан караган бир адамга диндар адамдай көрүнүшү мүмкүн; сөздөрү менен, кыймылдары менен Мусулмандарды туурай алышы, ибадаттары менен өздөрүн диндар көрсөтө алышы мүмкүн. Бирок алардын дин түшүнүгү Куранга эмес, өздөрүнүн туура эмес логикаларына таянат. Динге болгон көз-карашынын негизинде кызыкчылыкка жетүү, өздөрүнүн каалоо жана эңсөөлөрүн канааттандыруу максаты орун алган.

Мүнафыктар мындай ниеттерин жашырышып, момундар арасында Куран ахлагы өкүмчүлүк кылган чөйрөдөгү жакшылыктардан пайдалангылары келет. Аллах Өз Кабатынан бир мээрим катары Мусулмандарга берген байлык, берекет, сулуулук, бейпилдик, ишеним, кубаныч, бир туугандык, боорукердик, мээрим, сүйүү, урмат чөйрөсүнөн пайдаланууга аракеттенишет. Ошондой эле, мындай өз кызыкчылыгын көздөгөн жашоо калыбын эч ким байкаган жок, Мусулмандарды алдадым деп ойлошот жана мындай «ийгиликке» өз мээлери менен жеттик деп ишенишет.

Бирок мүнафыктар мындай ойлору менен абдан чоң бир жаңылыштыкка түшүшөт. Себеби кичинекей бир жасалмалыкты (ыкласcыздыкты) да ыйман көзү менен караганда ошол замат байкоого болот. Бирок эң маанилүүсү жашыруундун жашыруунун да билүүчү, бүт нерсенин ич тарабынан кабардар болгон Аллах бул адамдардын чыныгы жүзүн билет. Ошондуктан, көргөзмө момун алааматтары да Аллах Кабатында такыр маанисиз болуп калышы мүмкүн. Аллах мындай адамдардын кылган ибадаттарынын текке кетээрин «... кылып жаткан (ибадат)тары да жараксыз (бош).» (Аьраф Сүрөсү, 139) аяты аркылуу билдирүүдө. Ошондой эле, Аллах мүнафыктардын жасалма диндардыгын, эч ким билбей калды деп ойлогон тараптарын да билет. Ошондуктан мүнафыктар мындай жалганчы мамилелери аркылуу, аятта кабар берилгендей, «... бир гана өздөрүн алдашат жана муну байкашпайт.» (Бакара Сүрөсү, 9)

Мүнафыктардын кээ бир негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр:

## Ыймандуулар тобунун арасынан чыгышат

Мүнафыктар ыймандуулар жок бир чөйрөдө болушпайт. Ыймандуулар жок бир чөйрөдө Куранда мүшрик же каапырлар деп аталган адамдар гана болот. Бирок бир коом ичинде бир ыймандуулардын тобу бар болсо; кээ бир адамдар бул ыймандуулардын арасына киришип, алар ээ болгон кээ бир мүмкүнчүлүктөрдөн пайдалануу үчүн ыйман келтирбесе да, ыймандуу сыяктуу көрүнүшү мүмкүн. Мындай эки жүздүүлүккө барышынын жалгыз себеби – бул алардын «ыймандуу болуп көрүнүү мага кээ бир пайдаларды алып келет» деп ойлошу.

Бир коом ичинде момундар бар болсо, бул коомдун ичинде мүнафыктар тобунун да болоорун Аллахтын бир мыйзамы экенин Куран аяттарынан көрөбүз. Мүнафыктардын ыймандуулардын арасында жашашынын негизги себептери арасында момундар тобун ичинен жыгытуу, аларга зыян берип аларды таркатуу, Аллахтын элчисине жана момундарга каршы топтошуп, каапырларга көмөкчү болуу сыяктуу көптөгөн максаттары бар. Бүт ушундай себептерден улам мүнафыктар колунан келишинче көп убакыт

бою момундар тобунун арасында өздөрүн жашырууга аракет кылышат. Бир аятта Аллах мүнафыктардын момун коомдун ичинде жашаган бир топ экенин мындайча билдирүүдө:

**Чынында ойлоп чыгарылган бир калп менен келгендер силердин араңарда чогуу жүргөн бир коом... (Нур Сүрөсү, 11)**

## Ыйманы жок болуп туруп, ыймандуудай көрүнүшөт

Башында да айтылгандай, эки жүздүү адамдардын негизги сыпаты – бул ыйманы жок болуп туруп, ыймандуудай көрүнүшү. Мунун негизги себеби болсо Аллахка болгон ыйман-ишенимдеринин чын жүрөктөн эмес, эл көзүнө (көргөзмө) болушу. Аллах бул адамдардын абалын бир аятта мындайча билдирүүдө:

**Үйүнүн түбүн (негизин) Аллах коркуусу жана ыраазылыгы үстүнө курган адам жакшыбы, же болбосо үйүнүн түбүн кулай турган бир жардын бооруна куруп аны менен бирге өзү да тозок отунун ичине кулаган адамбы? Аллах зулумдук кылган бир коомду туура жолго баштабайт. (Тообо Сүрөсү, 109)**

Мүнафыктар өз кызыкчылыктарына момундар аркылуу жетебиз деп ойлошкондуктан, ыймандуу болуп көрүнүү үчүн болгон аракетин кылышат. Динге болгон көз-карашындагы мындай эки жүздүүлүктүн бир натыйжасы катары ынандыруучу сөздөрү менен Мусулмандарды алдай алабыз деп ойлошот. Куранда «Силерди ыраазы кылуу үчүн Аллахка ант ичишет; чынында болсо (эгер) ыймандуу болушса, ыраазы кылууга Аллах жана элчиси ылайыктуураак.» (Тообо Сүрөсү, 62) аяты аркылуу мүнафыктардын мындай аракеттерине көңүл бурулган.

Мүнафыктар адамдарды «ыймандуубуз» деп ишендирүүгө аракет кылышып, адамдарга карап жашашат; бирок жалгыз калганда же өздөрү сыяктуу мүнафык мүнөздүү адамдар менен калышканда болсо, Аллахтын аларды дайыма карап турганын, эмне гана кылышпасын, эмнени гана ойлонушпасын, муну билип турганын билишпейт. Мындай ыйман бузуктугу себебинен Мусулмандардын жанында ибадаттарын аткарышып, алар сыяктуу кыймылдашып, алар сыяктуу сүйлөшөт да, алардан алыстаганда болсо ибадаттарын ташташып, каапырдын услубу менен сүйлөп, динсиз бир адамдай камырабас болуп калышат. Бирок тууроо таланты канчалык өнүксө да, Аллах Куранда мүнафыктардын абалдарын сөзсүз ачыкка чыгараарын билдирген. Куранда Аллах буга мындайча көңүл бурган:

**Адамдардын арасында ушундайлар бар: «Биз Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирдик» дешет; чынында болсо ишенишпейт. (Өз оюнда) Аллахты жана ыйман келтиргендерди алдашат. Чынында болсо алар өздөрүн гана алдап жатышат жана муну билишпейт. Жүрөктөрүндө оору бар. Аллах да ооруларын көбөйттү. Калп айтып жаткандыгы үчүн аларга оор бир азап бар. (Бакара Сүрөсү, 8-10)**

Дагы бир аятта болсо Аллах мүнафыктардын мындай абалы жөнүндө төмөнкүчө сөз кылат:

**Чындыгында, мүнафыктар (өз оюнда) Аллахты алдашууда. Чынында болсо Ал аларды алдоочу... (Ниса Сүрөсү, 142)**

## Сырткы көрүнүштөрү жасалма

Мүнафык дегенде ойго жүзүнө караганда эле жалганчы экени көрүнүп турган бир адам келбеши керек. Бул адамдар сырткы көрүнүшү жагынан чын ыкластуу адамдардан айырмаланбашы мүмкүн. Аллах аятында мындай адамдардын сөөлөттүү көрүнүшкө ээ болушу мүмкүн экенине, сөздөрүнүн да кооз болушу мүмкүн экенине көңүл буруудa:

**Сен аларды көргөнүңдө сөөлөттүү көрүнүштөрү сага жагат. Сүйлөгөндө болсо аларды угасың. (Чынында болсо) Алар (мунара сыяктуу) сүйөп коюлган жыгач-дөңгөч сыяктуу. (Мындай чыдабас (бош) болгондуктан) Ар бир добушту өздөрүнүн зыянына деп ойлошот. Алар душман, ошондуктан алардан качынып-сак болгула. Аллах аларды азаптасын; кантип бурулуп кетишүүдө. (Мүнафикун Сүрөсү, 4)**

Ыймандуулардын дене тазалыгы, кийимдери мүнафыктар тууроого аракет кылган өзгөчөлүктөр арасында. Ошентип сырттан караганда мүнафыктарды башка Мусулмандардан сырткы көрүнүшүнөн айырмалоо көп мүмкүн болбошу мүмкүн. Бирок мүнафыктар жашоолорун дайым коштогон руханий бир балиттиктин ичинде болушат. Аллах «... Эми силер алардан жүз бургула. Алар чынында балит (кир-жаман)...» (Тообо Сүрөсү, 95) аяты аркылуу бул адамдардын абалын билдирген. Аллах алардын «... жийиркеничтигине жийиркеничтик (кир) кошуп-көбөйткөн...» (Тообо Сүрөсү, 125). Ойлору дайыма жамандыкты пландоо, тузак куруу, кыянаттык, кек, калп, кызганычтык сыяктуу көптөгөн терс ойлорго толо болгондуктан, жүздөрүндө да ыймандын нуру пайда болбойт. Аллах Куранда мындай адамдардын жүздөрүн «...караңгы бир түндүн бөлүктөрүнө чүмкөнгөн сыяктуу» (Йунус Сүрөсү, 27) деген бир мисал менен сүрөттөгөн. Башка бир аятта болсо мүнафыктар жөнүндө мындайча кабар берилет:

**Кайда гана болушпасын, Аллахтын жибине жана адамдардын жибине (убадасына) баш калкалагандардан башка, аларга басмырлоо (кыйынчылык тамгасы) урулган. (Али Имран Сүрөсү, 112)**

Ыймандуулар болсо дайыма Аллахтын ыраазычылыгын көздөп, жакшылык жана соопту ойлошкондуктан, жүздөрү абдан нурдуу болот жана Аллах бир аятында билдиргендей алардын «... Белгилери жүздөрүндөгү сажда изинен...» (Фетих Сүрөсү, 29). Ошондуктан мүнафыктардын жүзүндөгү көрүнүш жана үстүндөгү руханий балиттик ыймандуулардын нуруна салыштырылганда, бир топ даана байкалат.

## Куранды түшүнүшпөйт

Ыймандуулардын арасында жашаган мүнафыктар канчалык жасалмалыгын сездирбегенге аракет кылышпасын, көбүнчө чыныгы жүзүн көрсөтүп коюучу кыймылдарды жасашат. Жүрөктөрүндөгү оору

көп байкалчу учурлардын бири – бул алардын Куран аяттары жөнүндөгү жоромолдору. Чындап ыйман келтиришпегендиктен жана динди өздөрүнүн бузук логикалары менен баалашкандыктан, Аллах ыймандууларга чын ыкласына жооп катары берген акыл жана илимге ээ эмес болушат. Ошондуктан Куран окушканда, аяттарда ишарат кылынган маанилерге, айтылган насааттарга, эскертүүлөргө акылдары жетпейт. Ар бир мүмкүнчүлүктө ыймандуулар арасында бөлүнүп-жарылуу чыгара алчу же өз напсилерине ылайыкташтыра ала турган негизде аяттарды бурмалап жоромолдошот. Мүнафыктардын мындай мамилеси жөнүндө Куранда мындайча айтылат:

**Сага Китепти Ал түшүрдү. Анын Китептин энеси (негизи) болгон бир катар аяттар мухкем (ачык аяттар); калгандары болсо мүтешабих (түшүнүлүшү оор). Жүрөктөрүндө илдет-ийрилик барлар фитна чыгаруу жана болбогон жоромолдорду жасоо үчүн анын мүтешабих тарабын ээрчишет. Чынында болсо анын түшүндүрмөсүн Аллахтан бөлөк эч ким билбейт. Терең илимдүү адамдар болсо: «Биз ага ишендик, баары Раббибиздин Кабатынан» дешет. Акылдуу адамдар гана сабак алып-ойлонушат. (Али Имран Сүрөсү, 7)**

Кээде болсо алардын жоопторунан аяттардан таасирленбегени апачык байкалат. Мүнафыктардын мындай мүнөзүн кабар берген кээ бир аяттар төмөнкүчө:

**Бир сүрө түшүрүлгөндө алардын кээ бирлери: «Бул кимиңердин ыйманыңарды көбөйттү?» дешет. Бирок ыйман келтиргендер болсо; алардын ыйманын көбөйткөн болот жана алар (бири-бирине) кубанычтуу кабар-айтышат. (Тообо Сүрөсү, 124)**

**Бир сүрө түшүрүлгөндө, кээ бири кээ бирин карайт (жана): «Силерди бирөө көрүп турабы?» (дешет.) Анан терс бурулуп кетишет. Чынында алар түшүнбөгөн бир коом болгондуктан, Аллах алардын жүрөктөрүн буруп койгон. (Тообо Сүрөсү, 127)**

Аяттарда кабар берилген мүнафыктардын мындай сөздөрү алардын Куран аяттарындагы хикматты түшүнө албагандыгын, сабак алчу тараптарынан насаат алышпаганын даана көрсөтүп турат. Аллахка жана динге шектенүү менен карашкандыктан, баш ийүүчүлүк менен эмес, баш тартуучулук көзү менен карашат. Ыймандууларга Аллахтын «... аяттары окулганда ыймандарын көбөйтөт...» (Энфал Сүрөсү, 2), ал эми мүнафыктардын болсо жүрөктөрүндөгү оорусу ачыкка чыгат. Мүнафыктар шайтандын таасири менен ыймандарындагы мындай бузукулукту момундарга да киргизгиси келет. Мындай бурмаланган жоромолдорун айтып жатып, айланасындагы адамдардын жүрөктөрүнө азгырык (весвесе) берүү, аларды күмөнгө салуу же момундар арасында бөлүнүп-жарылууну чыгаруу сыяктуу максаттарды көздөшөт. Мына ушул себептен Аллах мындай адамдарга карата этият болуу зарылдыгын «Этият болгула; чынында алар Раббилерине жолугуудан терең күмөн санашат...» (Фуссилет Сүрөсү, 54) аяты менен эскерткен.

## Аллахты абдан аз эстешет

Момундар – Аллахты көп эстеген, терең терең Ага дуба кылып кайрылган жана Андан кечирим сураган адамдар. Ичинен да Аллахты абдан көп эстешет, сөз, маанай жана мамилелеринде да чөйрөлөрүнө Аллахты эстетишет. Аллахты эстөө дайыма Аллахтын бар экендигин, немат-жакшылыктарын билип-түшүнүп жашоонун табигый бир көрүнүшү. Бир аятта Аллахты эстөөнүн маанисине мындайча көңүл бурулган:

**... Аллахты зикир кылуу (эстөө) болсо чынында эң чоң (ибадат). (Анкебут Сүрөсү, 45)**

Мүнафыктардын эң негизги өзгөчөлүгү болсо – бул Аллах менен байланыштарынын жок болушу. Жүрөгүнөн Аллах менен бирге болушпайт, Ага кайрылбайт, Аны эстебейт, Андан кечиришин сураныншпайт. Муну Мусулман көрүнүү үчүн мажбурдуу нерсе катары көрүшкөндүктөн, Аллахты абдан аз араң эстешет. Аллах бир Куран аятында бул чындыкты мындайча билдирүүдө:

**Чындыгында, мүнафыктар (өз оюнда) Аллахты алдашуууда. Чынында болсо Ал аларды алдоочу. Намазга турганда, каалабастан (араң) турушат. Эл көрсүн үчүн кылышат жана Аллахты абдан аз эстешет. (Ниса Сүрөсү, 142)**

Башка аяттарда болсо мүнафыктардын Аллахты эстебеген адамдар экендиги мындайча айтылууда:

**Шайтан аларды ороп-курчаган; ушундайча аларга Аллахты эстөөнү унуттурду. Мына ошолор шайтандын жамааты. Көңүл бургула; шексиз шайтандын жамааты кыйроого кабылгандардын дал өзү (ошолор). (Мүжаделе Сүрөсү, 19)**

**Мүнафык эркектер менен мүнафык аялдар; кээ бири кээ биринен; жамандыкка буюрушат, жакшылыктан тосушат, абдан сараңдык кылышат. Алар Аллахты унутушту; Ал да аларды унутту. Шексиз, мүнафыктар бузукулар. (Тообо Сүрөсү, 67)**

Мүнафыктар Аллахты эстегенде болсо, Аллахтын улуулугун, кудуретин, чеберчилигин, илимин терең түшүнө алышпагандыктан, Аллахты талап кылынгандай эстешпейт. Аллахты эстөөдөгү максаты момундарды тууроо болгондуктан, сөздөрү да, услуптары да чын жүрөктөн, чын ыкластан болбойт. Жасалма, жаттап алынган, чыныгы ойлорун, сезимдерин чагылтпаган, мажбурлуу бир эстөө болот. Күнүмдүк жашоодогу бир темада эч туталанбастан, абдан бай сөздөр менен сүйлөшөт, бирок Аллахты эстегенде болсо үзүк-үзүк, кыйналып, калыптанган сөздөр менен сүйлөшөт. Жүрөгүнөн чыкпаганына карабастан, мындай бир мажбурдук сезиши бир тараптан ыймандууларга карата жек көрүүнү пайда кылат. Куранда бул мындайча айтылган:

**Бир гана Аллах эскерилгенде, акыретке ишенбегендердин жүрөгү ачууланып-көбөт. Ал эми Андан башкалар эскерилгенде ылдам сүйүнүшөт. (Зүмер Сүрөсү, 45)**

Ошондой эле, Аллах эскерилген чөйрөлөрдөн атайылап алыс болушат, ар кандай шылтоолорду айтып, качууга аракеттенишет. Ушул сыяктуу, мүнафыктар Куран окулган чөйрөлөрдөн да качышат. Себеби Куранды тыңдаганда, унуткулары келген жана ойлонгусу келбеген өлүм, акырет күнү, тозок сыяктуу чындыктарды угушат жана абийирлерине басым пайда болот. Аллах бир аятта мүнафыктардын мындай мамилесине мындайча көңүл бурган:

**Алар Мени зикир кылууда көздөрү бир парда ичинде эле. (Куранды) угууга чыдай алышчу эмес. (Кехф Сүрөсү, 101)**

Башка бир аятта болсо Аллах мүнафыктардын жүзүндөгү көрүнүшүн мындайча кабар берет:

**Аларга апачык болгон аяттарыбыз окулганда, сен ал каапырлардын жүзүндөгү «жокко чыгаруу жана каапырлыкты» тааный аласың. Аларга аяттарыбызды окуганга кол салчудай болушат. Айткын: «Силерге мындан жаман кабар берейинби? От... Аллах аны каапырларга убада кылган; (ал) кандай жаман бир мекен.» (Хаж Сүрөсү, 72)**

## Текебер болушат

Бир момундун эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул анын жөнөкөй, бой көтөрбөс болушу, дайыма ката кылышы мүмкүн экенин кабыл алышы жана ага айтылган насаат жана эскертүүлөргө ылдам моюн сунушу. Ал эми мүнафыктар болсо абдан текебер жана өзүн сүйгөн бир мүнөзгө ээ. Аларга айтылган эч бир насаатка кулак салышпайт, ката кетиргенин кабыл алышпайт. Абдан акылдуумун, бүт нерсенин эң жакшысын билем деген ишенимде болушат. Ал тургай, Аллахтын жакшы бир кулумун дешет. Пайгамбарыбыз (сав) доорундагы мүнафыктардын Пайгамбар Мырзабыздын (сав) алар үчүн Аллахтан кечирүү сурашын кабыл албашы алардын текебердигинин эң даана бир көрсөткүчү:

**Аларга: «Келгиле, Аллахтын Элчиси силер үчүн кечирүү сурасын» деп айтылганда, баштарын капталга бурушат. Сен алардын текеберденип, жүз буруп жатканын көрөсүң» (Мүнафикун Сүрөсү, 5)**

Мусулмандар жүрөктөрүндө оору бар болгон мындай адамдарды чын ыкластуу бир момун болууга чакырышып, аларга Аллахтын аяттарын эстетишкенде, мүнафыктардын мамилесинен да куру намысына баш ийгени байкалат. «Мен кемчиликсиз, катасызмын» деп ишенип, адамдык каталарды да өздөрүнө жакындатышпайт. Аллах аяттарда алардын куру намысына баш ийгендигинин натыйжасын мындайча баяндайт:

**Ага: «Аллахтан корк» деп айтылганда, текебердик (бой көтөрүү) сезими аны күнөөгө түртөт, (аны) оройт. Мындайга тозок жетет; кандай жаман бир мекен ал. (Бакара Сүрөсү, 206)**

**Себеби аларга: «Аллахтан башка кудай жок» деп айтылганда, бой көтөрүшчү. (Саффат Сүрөсү, 35)**

Өздөрүн бардык каталардан, кемчиликтерден алыс көрүшкөндүктөн, өздөрүндөгү мүнөз бузукулугунун, кылган жамандыктарынын акыретте аларга кандай жаза алып келээрин эч ойлошпойт. Мүнафыктардын негизги мүнөзү болгон текебердик аларды бир айлампага камайт. Момундар дайыма каталарын оңдоп, кемчиликтерин толуктап, өздөрүн алдыга жылдырса, мүнафыктар болсо мындай жалганчы жашоонун ичине андан да сүңгүшөт. Аларга айтылган эскертүү жана насааттардан да пайдалана алышпайт. Аллах мындай өзүн кемчиликсиз көрүүнүн натыйжасын мындайча кабар берген:

**Жок; чынында адам адашат (жолдон чыгат). Өзүн кемчиликсизмин (катасызсын) деп ойлогондуктан. (Алак Сүрөсү, 6-7)**

Ошондой эле, Куран аяттарын окуп жатканда да, айтылган нерселерди дайыма алардан башка адамдар жөнүндө сөз болуп жаткандай жоромолдошот. Ошондуктан насаат алышы керек болгон нерселерди, сабак болчу кыссалардын (баяндардын) хикматтарын түшүнө алышпайт. Куранды дайыма окушса да, өлүмдү, акыретти, тозокту өздөрүнөн абдан алыс элестетишет. Негизи жакшы ниеттүүмүн, ошондуктан эч жазаландырылбаймын деп ойлошот.

Мүнафыктар текебер болушкандыктан, ыймандууларды да өздөрүнөн төмөн көрүшөт. Ээ болгон кандайдыр бир өзгөчөлүк –байлык, наам, кызмат даражасы, сулуулук- аларды көптүрөт жана мындай өзгөчөлүккө ээ болбогон бир момунду өзүнөн төмөн көрөт. Чынында болсо жогорулук бир гана такыбалык (Аллахтан коркуу) менен ченелет. Ыймандуулар мындай критерийлерди карашпайт, адамдарды акча, атак-даңк, денесинин сулуулугуна карап эмес, ыймандарына карап сүйүп-урматташат. Ушул себептен мындай өзгөчөлүктөрүнөн улам текеберленген адамдардын бети момундардын арасында ылдам ачылып калат жана натыйжада уят болушат.

## Жүрөктөрүндө жок нерселерди айтышат

Мүнафыктардын дагы бир маанилүү өзгөчөлүгү – бул жалган айтуу.

Аллахтан коркушпагандыктан, кыйын абалга кабылганда, ошол замат жалган айтышат жана ушундайча момундарды алдай алам деп ойлошот. Жалган айтуу менен аларга берилген милдеттерден качууга аракеттенишет. Куранда Пайгамбарыбыз (сав) доорунда душмандан коргонуу үчүн чакырылган мүнафыктардын жалган сүйлөп, качууга аракеттенишкенине мындайча көңүл бурулган:

**Эки коом жолуккан күнү силердин башыңарга келген Аллахтын уруксаты менен гана болду. (Бул Аллахтын) момундарды айырмалоосу; мүнафыктык кылгандарды да аныкташы үчүн эле. Аларга: «Келгиле, Аллах жолунда согушкула же коргонгула» деп айтылганда, «Биз согушканды билгенде, албетте силерди ээрчимекпиз» дешти. Ал күнү алар ыйманга караганда каапырчылыкка жакын эле. Жүрөктөрүндө болбогон (сөздү) ооздору менен айтып жатышкан. Аллах алардын жашыргандарын жакшыраак билет. (Али Имран Сүрөсү, 166-167)**

Байкалгандай, мүнафыктар кыйынчылык учурунда момундарды таштап, өз кызыкчылыктарын коргоого аракет кылышат. Бирок муну да, демейкидей, эки жүздүүлүктөрүн улантуу менен, б.а.

өзүнүкүн туура көрсөтүүгө аракеттенүү менен жасашат. Албетте, «кызыкчылыктарымдын тебеленишинен коркомун» деп айтып качышпайт; анын ордуна акылсыз шылтоолорду айтып, өзүнүн туура экенине ишендирүүгө аракеттенишет. Аллах Куранда мүнафыктардын мындай мамилелерин төмөнкүдөй кабар берген:

**Бедевилерден (согуштан) артта калгандар сага айтышат: «Бизди мал-мүлкүбүз жана үй-бүлөлөрүбүз алаксытты. Ошондуктан биз үчүн кечирүү сура.» Алар жүрөктөрүндө болбогон нерсени тилдери менен айтып жатышат. Айткын: Эми Аллах силерге бир зыян кааласа же пайда кааласа, силер үчүн Аллахка карата кимдин кандайдыр бир нерсеге күчү жетет? Жок, Аллах кылганыңарды билүүчү. (Фетих Сүрөсү, 11)**

**... Алардан бир коом болсо: «Чынында үйлөрүбүз ачык» деп пайгамбардан уруксат сурап жатышкан; чынында болсо алар(дын үйлөрү) ачык эмес эле. Алардын качкылары гана келип жаткан. (Ахзаб Сүрөсү, 13)**

Байкалгандай, мүнафыктар айткан шылтоолор «согушканды билбейбиз», «үйлөрүбүздү жана үй-бүлөлөрүбүздү коргошубуз керек» сыяктуу көрүнүштө «жакшы ниеттүүдөй» болгон шылтоолор. Бирок Аллах бул адамдардан «... жүрөктөрүндө болбогонду ооздору менен айтышты.» (Али Имран Сүрөсү, 167) деп сөз кылууда. Болгондо да бул калптарын айтып жатышканда Аллахтын атынан ант ичишет. Аллах Куранда мүнафыктардын мындай жалган сөздөрүн төмөнкүдөй кабар берет:

**... «Эгер күчүбүз жеткенде, сөзсүз сени менен бирге (согушка) чыкмакпыз» деп сага Аллах атынан ант ичишет... (Тообо Сүрөсү, 42)**

Мүнафыктардын бул калптары жөнүндө сөз кылган башка аят болсо төмөнкүдөй:

**... жүрөгүндөгүнө карабастан Аллахты күбө келтирет; чынында болсо ал адашкан бир душман. (Бакара Сүрөсү, 204)**

## Жакшылыкка тоскоол болуп, жамандык кылуу үчүн жарышышат

Момундардын эң маанилүү мүнөздөрүнүн бири – бул жакшылыкка буйруп, жамандыктан тосуу. Б.а. бир момун адамдарды колунан келишинче жакшылыкка, Куран ахлагына чакырат жана колунан келишинче жамандыктардан тосууга аракет кылат.

Мүнафыктардын мүнөзү болсо толугу менен тескерисинче. Диндин жана ыймандуулардын пайдасына болгон иштерге тоскоол болууга аракеттенишет. Мусулмандардын пайдасына чечиле турган жагдайлардан тынчсызданышат. Өзүмчүл каалоо жана эңсөөлөрүн ээрчишет. Мусулмандарга зыян берет, аларды кыйынчылыкка салат деп ойлогон иштердин баарына көмөкчү болушат. Аятта мындайча айтылат:

**Мүнафык эркектер менен мүнафык аялдар; кээ бири кээ биринен; жамандыкка буюрушат, жакшылыктан тосушат, абдан сараңдык кылышат. Алар Аллахты унутушту; Ал да аларды унутту. Шексиз, мүнафыктар бузукулар. (Тообо Сүрөсү, 67)**

## Аллахтын жактыргандарын жаман көрүшөт

Мүнафыктар Аллахтын ыраазылыгын көздөбөгөндүктөн, Аллахтын ыраазылыгына туура келген иштерди жаман көргөндүктөн адашышат. Ал эми момундар үчүн болсо Аллахтын ыраазылыгы эң негизги максат жана Аллахтын ыраазылыгын көздөө момундарга кубаныч жана бакыт берет. Ал эми мүнафыктар болсо ибадаттардын баарын жаман көрүшөт, бүт нерсенин Жаратуучусу болгон Аллахка кулчулук кылуунун ырахатын тата алышпайт. Бир аятта мындайча айтылат:

**Мына ушундай; себеби чынында алар Аллахты ачуулантккан нерсени ээрчишти жана Аны ыраазы кыла турган нерселерди жаман көрүштү; ошол үчүн (Аллах алардын) иштерин текке кетирди. (Мухаммед Сүрөсү, 28)**

## Нашүгүр болушат

Мүнафыктар бүт башка каапырлар сыяктуу Аллахка карата нашүгүр (жакшылыкты билип, шүгүр кылбаган адам) болушат. Аларды жараткан жана ар түрдүү жакшылыктарды берип жашаткан Аллахка дайыма нашүгүрдүк кылышып, Анын өкүмдөрүнөн жүз бурушат.

Экинчи бир нашүгүрдүгү болсо ыймандууларга карата болот. Себеби момундардын арасына кошулганда, момундар аларга жардам берген. Момундар аларды ыйманга чакырып, алардын акыретин куткарууга аракеттенишкен. Аларга берген насааттар, айткан эскертүүлөрдүн баары алардын жакшы болушун каалагандыктан айтылган.

Бирок мүнафыктар болсо момундарга душмандык менен гана жооп беришет. Албетте, бул чоң бир нашүгүрдүк жана Куранда мүнафыктардын мындай нашүгүр мүнөзү төмөнкүчө баяндалат:

**(Ал каапырдык сөзүн) айтпадык деп Аллахка ант ичип жатышат. Чынында болсо, ант болсун, алар каапырдык сөзүн айтышкан жана Исламга кирген соң каапырдыкка бурулушту жана жете албаган бир нерсеге кол сунушту. Чынында болсо өч алгылары келгенинин себеби аларды Аллахтын жана элчисинин берешендик менен бай кылышынан башка (бир себеби) жок эле. Эгер тообо кылышса, өздөрүнө жакшы болот, эгер жүз бурушса, Аллах аларды бул дүйнөдө да, акыретте да оор бир азап менен азаптайт. Алар үчүн жер бетинде бир коргоочу-дос жана бир жардамчы жок. (Тообо Сүрөсү, 74)**

**Сен алар үчүн кааласаң (Аллахтын) кечиришин суран, кааласаң суранба. Алар үчүн жетимиш жолу (Аллахтын) кечиришин сурансаң да, Аллах аларды эч качан кечирбейт. Мунун себеби алар Аллахка жана элчисине (карата) нашүгүрдүк кылышты. Аллах бузукуларга хидаят бербейт (туура жолго салбайт). (Тообо Сүрөсү, 80)**

## Дене (физикалык) жагынан да, руханий жактан да балит болушат

Аллах Куранда мүнафыктардын «балит» экенин билдирүүдө. Жалпысынан бардык мүшриктердин (Аллахка шерик кошкондордун) «балит» экенине басым жасаган Тообо Сүрөсүнүн 27-аятынан тышкары, түздөн-түз мүнафыктар жөнүндөгү аяттарда да физикалык жана руханий бир балиттик жөнүндө айтылат. Мүнафыктар Пайгамбарыбыз (сав) жана анын жанындагы момундардан бөлүнгөндө курган «Дырар мечити» менен момундардын мечити арасындагы айырма баяндалып атканда да, момундардын мечитинде «тазалануууну сүйгөн» адамдар бар экенине көңүл бурулат (Тообо Сүрөсү, 107-108). Ошондой эле, мүнафыктар жөнүндө сөз болгон дагы бир аятта болсо Аллах мындайча буюруудa:

**(Аллах) Жүрөктөрүндө оорусу (илдети) барлардын болсо жийиркеничине жийиркеничтик кошуп-көбөйткөн жана алар каапырлар бойдон өлүштү. (Тообо Сүрөсү, 125)**

## Көңүл ток боло алышпайт, дайыма кооптонуп жашашат

Мүнафыктардын маанайы, жогоруда саналгандардан тышкары, дагы бир катар кыйынчылык, кайгы, азап жана кыйналуу ичинде болот. Мүнафыктын азабы бул дүйнөдө жашап жатканда эле башталат. Эң башта бир кооптонуу жана коркуу ичинде болот. Ыймандуулардагы сыяктуу өзүн тапшыруу, бейпилдик жана кубанычка эч жете албайт.

Ыймандуулар менен бирге жүргөн кезде да мүнафыктын эң маанилүү өзгөчөлүгү – бул кооптонуу менен жүрүшүндө. Момундар (ыймандуулар) өздөрүн Аллахка тапшырышат жана бүт кыйынчылык, көйгөйлөрдү Аллахтын чечээрин билишет, натыйжада көңүл ток жана кубанычтуу жүрүшөт. Аллахка ишенишет жана Аллахка тобокел кылышат (иштерин Аллахка тапшырышат).

Мүнафык болсо дайыма тынчсыздана берет; Аллахка өзүн тапшырбайт. Дайыма өзүн башкача кылып көрсөтүүгө аракет кылган, дайыма өзүн айланасына далилдөөгө жана бул үчүн роль ойноого аракеттенген бир адамдын көңүл ток, бейпил жана көңүлү тынч жашашы мүмкүн эмес.

Мындай кооптонуу жана тынчсыздануу психологиясы ичинде айланасында болуп жаткан бардык окуяларды «мага зыян алып келет» деп ойлойт. Ар бир жаңы окуядан «менин эки жүздүүлүгүмдү ачыкка чыгарып койот» деп коркот. Куранда мүнафыктардын мындай маанайы «...Ар бир добушту өздөрүнүн зыянына деп ойлошот» (Мүнафикун Сүрөсү, 4) аяты аркылуу кабар берилет.

Дагы бир аятта мүнафыктардын дайыма бир шектенүү ичинде болоору жана куру санаалар ичинде кыйналаары мындайча билдирилүүдө:

**(Мүнафыктар) Аларга айтышат: «Биз силер менен бирге эмес белек?» (Алар) айтышат: «Ооба, бирок силер өзүңөрдү фитнага салдыңар, (Мусулмандарга азап жана кырсыктардын келишин) аңдып-күттүңөр, (Аллах жана Исламга карата) шек-күмөндө болдуңар. Силерди санаалар жаңылтып-алдады. Аягында Аллахтын буйругу (болгон өлүм) келип калды; жана ал алдоочу да силерди Аллах менен (Аллахтын атын колдонуп, ал тургай тымызын силердей көрүнүп) алдады.» (Хадид Сүрөсү, 14)**

## Үмүтсүздүккө бат түшүшөт

Мүнафыктын эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул анын канчалык өзүн күчтүү көрсөтүүгө аракеттенсе да, кичинекей бир окуяда да ылдам үмүтсүздүккө жана пессимисттикке түшүшү. Бирок өзүн сыртка мындай көрсөтпөйт. Абдан күчтүү бир ыйманы бардай, кандай гана болбосун туура жолдон адашпайм, ар кандай шартта Аллахтын ыраазылыгын максат кылам, ар бир иште Аллахка тобокел кылам деп убадаларды берет. Бирок булардын баары сөз жүзүндө гана калат, айткан нерселерине чыныгы жашоодо кез келгенде болсо такыр башкача мамиледе болот. Напсисине карама-каршы келген кичинекей бир жагдайда да артка кайтып баштайт. Аллахтын колдоорун, жардам берээрин, бүт нерсени башкарып тураарын, бүт нерсени бир жакшылык менен жаратканын билип-түшүнбөйт. Аллах бир аятта мүнафыктардын мындай абалын төмөнкүдөй кабар берет:

**...Бирок (бир) иште чечкиндүүлүк жана бекемдик керек болгондо, Аллахка бекем болушканда (артка кайтып, чыккынчылык кылышпаганда), албетте, өздөрүнө жакшы болмок. (Мухаммед Сүрөсү, 21)**

Чынында эле мүнафыктар сырткы көрүнүшүнөн момундарга абдан окшосо да, чыныгы кулк-мүнөздөрү, динге болгон көз-карашы жагынан каапырларга абдан окшош болушат. Кыйынчылык учурларындагы мамилелери жагынан да момундарга толук карама-каршы бир маанайда болушат. Мисалы, ооруп калганда, оңой гана Аллахка баш көтөрүп, үмүттөрүн үзүп калышы жана тобокелсиздик кылышы мүмкүн. Чынында болсо Аллах каапырлардын гана Аллахтан үмүт үзөөрүн бир аятта мындайча кабар берген:

**... Каапырлар коому гана Аллахтын мээриминен үмүт үзүшөт. (Йусуф Сүрөсү, 87)**

Ошондой эле, Аллах бир мээрим катары момундардын сыноосун жеңил кылган. Бирок мындай жеңилдик бир гана чын ыкластан ыйман келтиргендер үчүн. Чын ыкластан Аллахка өзүн тапшырган бир Мусулман Аллах жараткан сүрөттөлүштөрдөгү (кадрлардагы, б.а. жашоосундагы) тынымсыз өзгөрүүлөрдү сабак алуу менен, толкундануу менен, шүгүр кылуу менен, тобокелдик менен кабыл алат. Ал эми мүнафыктарда болсо коркуу, тынчсыздануу, сабырсыздык болот. Шайтандын таасиринде көп болгондуктан, мүнафыктар башына келген кыйынчылыктар тагдырдан тышкары, Аллахтын мээрими, билиши жана планынан тышкары болду деп ойлошот. «Аттиң мындай кылбаганымда», «туура эмес болду», «андай кылбаганымда мындай болмок эмес» сыяктуу сөздөрүнөн ар бир окуянын тагдырда эң кайырдуу (жакшылык менен) жаратылганын билишпегени байкалат. Чынында болсо Аллах момундар үчүн кемчиликсиз бир тагдыр жараткан. Ар бир окуя хикмат жана жакшылык менен жаратылган жана момунга ал жердеги хикматты түшүнүүгө аракет кылуу, тагдырдагы пландын кооздугун көрүп, билип кубануу жарашат.

## Момундардан коркушат жана тынчсызданышат

Мүнафыктардын дагы бир маанилүү өзгөчөлүгү – бул алардын дайыма бир коркуу психологиясында болушу. Курандын «...алар коркушпайт жана кайгырышпайт» (Бакара Сүрөсү, 38)

аятында айтылган момундардын тескерисинче, мүнафыктар абдан коркуп жашашат. Чыныгы жүздөрүнүн көрүнүп калышынан, алдамчылыктарынын билинип калышынан коркушат. Момундардын алардын эки жүздүүлүктөрүн байкап калышынан коркушат. Куранда мүнафыктардын мындай коркууга толгон маанайы төмөнкүчө сүрөттөлөт:

**Чындап силерденбиз деп Аллахтын атынан ант ичишет. Чынында болсо алар силерден эмес. Бирок алар абдан коркок адамдар. Эгер алар бир башпаанек же (жашай турган) үңкүрлөр же болбосо кире турган бир жер табышканда, ошол замат ошол жакты көздөй качышмак. (Тообо Сүрөсү, 56-57)**

Мүнафыктардын момундардан болгон коркуусунун күчтүүлүгү дагы бир аятта мындайча билдирилет:

**Ичтеринде «коркунуч жана коркоктукту ойготуу жагынан» силер Аллахтан да күчтүүсүңөр сыяктуу. Мунун себеби – шексиз, алардын «терең бир акылга ээ эмес болушу». (Хашр Сүрөсү, 13)**

# ЫЙМАНДУУЛАРДЫ АЛДОО АРАКЕТТЕРИ

**Б**ашында да айтылгандай, мүнафыктардын каапырлардан айырмасы – мүнафыктардын өздөрүн ыймандуудай көрсөтүүгө аракет кылышында. Бир катар кызыкчылыктарга жетүү үчүн момундардын жанында болгулары келет жана мындай чөйрөдө алар сыяктуу көрүнүү «пайдалуураак» деп ойлошот.

Дайыма мүнафык момундарга өзүн далилдөө үчүн Ислам ахлагын жашап жаткандай көрүнөт. Эл көзүнө ибадат кылат. Бирок бул ибадаты жараксыз болушу мүмкүн. Себеби бир кыймылдын ибадат болушу үчүн анын Аллах ыраазылыгы үчүн жасалган болушу зарыл. Мүнафыктар болсо Аллахтын эмес, адамдардын ыраазылыгын көздөшөт. Мүнафыктар намаз кылып жатканда, садака бергенде, сөз бергенде, сүйлөгөн сөздөрүндө айланага өзүн көрсөтүүгө, аброй жана пайда алууга жана өздөрүн далилдөөгө аракет кылышат. Ал эми чыныгы Мусулмандардын болсо мындай көйгөйү жок. Себеби алар Аллах Кабатында эч нерсенин жашыруун калбашын, адам өзү унутуп калса да, Аллахтын адамдар эч күтпөгөн нерселерди акыретте аларга көрсөтөөрүн билип, Анын ыраазылыгына жетүү үчүн гана жашашат.

Мүнафыктардын мындай мамилелерин бир-бирден карайлы:

## Антка жашынуу менен калп айтышат

Калп – бул мүнафыктардын өздөрүн момун коомдун ичинде жашыра алуу, жалганчылыктарын жаап-жашыруу үчүн эң көп колдонгон жолдорунун бири. Бул жагынан мүнафыктар момундарга калп айтууну бир көнүмүш адатка айлантып алышат. Бул калптарына момундарды ишендире алуу үчүн болсо көп көп ант ичишет. Аллах атынан ант ичүү момундар үчүн абдан маанилүү экенин билгендиктен, анттарына жашынышат. Аллах мүнафыктардын мындагы чыныгы ниеттерин төмөнкү аят менен кабар берген:

**Алар анттарын калканыч кылышты, ошентип Аллахтын жолунан тосушту. Эми алар үчүн басынтуучу бир азап бар. (Мүжаделе Сүрөсү, 16)**

Куранда мүнафыктардын калп ант ичкенин билдирген башка бир аят болсо мындай:

**... Өздөрү да (апачык чындыкты) билип туруп, калп нерсеге ант берип жатышат. (Мүжаделе Сүрөсү, 14)**

Мүнафыктар калп айтып жатып, бул калптары эч ачыкка чыкпайт же жазасыз калат деп ойлоо менен чоң жаңылыштыкка түшүшөт. Бирок «... Аллах алардын чындап калп айтып жатканын билет» (Тообо Сүрөсү, 42) жана «Калп айтып жатканы үчүн аларга оор бир азап бар.» (Бакара Сүрөсү, 10)

## Эл көзүнө намаз окушат

Аллах Куранда адамдардын ыраазылыгы үчүн намаз окугандар жөнүндө мындай деп билдирет:

**Мобул намаз кылгандардын абалы оор, алар намаздарында жаңылуу ичинде, алар (намаздарын) эл көрсүн үчүн кылышууда. (Маъун Сүрөсү, 4-6)**

Аллах бул аяттар аркылуу мүнафыктардын мүнөзүн бизге тааныштырууда. Ал эми момундар болсо - «Момундар чынында кутулууга жетишти, алар намаздарында хушу ичинде болушат» (Мүминун Сүрөсү, 1-2) аяттарында айтылгандай, намазда чын жүрөктөн Аллахка кайрылган жана Аллахка карата «урмат толо коркуу» сезген адамдар.

Мүнафыктардын намазды эл көзүнө кылаары башка аяттарда мындайча билдирилет:

**...Намазга турганда, каалабастан (араң) турушат. Эл көрсүн үчүн кылышат... (Ниса Сүрөсү, 142)**

**Алар намаздарында жаңылуу ичинде, алар (намаздарын) эл көрсүн үчүн кылышууда. (Маъун Сүрөсү, 5-6)**

## Аллахтын эмес, адамдардын ыраазылыгын көздөшөт

Мүнафыктар намаздарындагы сыяктуу, жалпы маанай жана мамилелеринде да дайыма Аллахты эмес, момундарды ыраазы кылууга аракеттенген бир маанай ичинде болушат. Өздөрүн такыба (Аллах койгон чектерден чыкпаган) бир момун сыяктуу көрсөтүү үчүн одоно кыймылдарды жасашат. Өздөрүн алдыга чыгарууга, кылган кандайдыр бир ишин бүт баарына угузуп, өз ойлорунда момундардын көз алдында «упай топтоого» аракеттенишет. Куранда мүнафыктардын мындай эки жүздүү кыймылдары мындайча кабар берилет:

**Силерди ыраазы кылуу үчүн Аллахка ант ичишет; чынында болсо, эгер ыймандуу болушса, ыраазы кылууга Аллах жана элчиси ылайыктуураак. (Тообо Сүрөсү, 62)**

Мүнафыктын ыйманы чын жүрөктөн болбогондуктан, кылган бир жакшылыгынын билинбей калышынан абдан тынчсызданат. Өз оюнда момундардын урматына, абройго жетүү үчүн кылгандарынын мүмкүн болушунча көп адамдын билишин каалайт. Жалгыз максаты – бул өзүн алдыга чыгаруу, адамдар арасында абройго, урмат-сыйга жетүү. Бирок бир нерсени унутпоо керек, мүнафыктардын ниеттери чын ыкластан болбогондуктан (эки жүздүү болгондуктан) жана Аллахтын ыраазылыгын максат кылбагандыктан, кылгандарынын акыреттеги жообу башкача болушу мүмкүн. Аллах көп аяттарда иштеп, пайдасыз чарчагандар, кылгандары текке кеткендер, ибадаттары жараксыз кылынгандар жөнүндө сөз кылат. Ошондуктан мындай мүнөздүү адамдар да ошондой бир натыйжага туш болуудан сактануулары зарыл.

## Мал-мүлктөрүн эл көзүнө каржашат

Мүнафыктар эл көзүнө жасаган дагы бир ибадат – бул садака берүү. Садака Аллах жолунда жана Аллах ыраазылыгы үчүн кылынган ар түрдүү акча сарптоо жана жардам маанисине келет. Момундар

мал-мүлктөрүн Аллах ыраазылыгы үчүн сарпташса, мүнафыктар муну адамдардын ыраазылыгы үчүн жасашат. Аллах Куранда мүнафыктардын мамилелерин төмөнкүчө кабар берген:

**Жана алар мал-мүлктөрүн адамдар көрсүн үчүн (эл көзүнө) садака кылышат, Аллахка жана акырет күнүнө да ишенишпейт. Шайтан кимге дос болсо, ал кандай жаман дос. Аллахка жана акырет күнүнө ишенип, Аллах аларга берген ырыскыдан сарпташканда (садака кылышканда), алардын зыянына болмок беле? Аллах аларды жакшы билет. (Ниса Сүрөсү, 38-39)**

Бирок мүнафыктар адамдар үчүн жасаган мындай садаканын Аллах Кабатында кабыл алынбай турганы Куранда төмөнкүдөй билдирилет:

**Айткын: «Каалап же каалабай садака кылсаңар да, силерден эч кабыл алынбайт. Себеби силер бир бузукулар коому болдуңар.» Садака кылгандарынын алардан кабыл алынышына тоскоол болгон нерсе – (бул алардын) Аллахты жана элчисин тааныбашы, намазга каалабастан келиши жана жактырбай садака кылышы. (Тообо Сүрөсү, 53-54)**

Аяттарда мүнафыктардын ибадаттарды «каалабастан» же «жактырбастан» кылаары билдирилген. Бул мүнафыктардын бул дүйнөдө азап ичинде жашашынын да себеби. Эл көзүнө жасаганы үчүн кылгандарынын баары текке кетүүдө. Ал тургай, Аллах бул ыклассыз (эки жүздүү) адамдардын чыныгы жүздөрүн, кааласа момундарга да көрсөтүүдө жана бүт мындай көргөзмө аракеттерин бул дүйнөдө да текке кетирүүдө. Мындай учурда мүнафык жалгыз максаты болгон адамдардын ыраазылыгынан да кол жууп калган болот.

Аллах дагы бир аятында эл көзүнө кылынган ибадаттардын жараксыз экенин жана Анын ыраазылыгы үчүн садака кылгандарга болгон берекесин төмөнкү мисал менен баяндаган:

**Эй ыйман келтиргендер, Аллахка жана акырет күнүнө ишенбестен, адамдардын көзүнө (мактануу үчүн) мал-мүлкүн садака кылган сыяктуу милдет (садака берилгендерден алкыш сыяктуу бир нерсе үмүт) кылып жана (аларды) басмырлап садакаларыңарды жараксыз (соопсуз) кылбагыла. Мындайдын абалы үстүндө топурак турган бир таштын абалына окшойт; үстүнө себелеген бир жамгыр жааса эле, аны (ал ташты) жыпжылаңач кылып койот. Алардын тапкандарынан эч нерсеге күчтөрү жетпейт. Аллах каапырлар коомун туура жолго баштабайт. Бир гана Аллахтын ыраазылыгын каалаган жана өздөрүндөгүнү тамырландырып-күчтөндүрүү үчүн мал-мүлктөрүн садака кылгандардын мисалы бийик бир дөбөдө жайгашкан, нөшөрлүү жамгыр жааганда түшүмүн эки эсе берген бир бакчага окшойт. Ага нөшөрлүү жамгыр жаабаса да, бир себелеген (жамгыр бар). Аллах кылгандарыңарды көрүүчү. (Бакара Сүрөсү, 264-265)**

## Аллах жолунда чоңураак бир жан аябастык кылышпайт

Мүнафыктар мал-мүлктөрүн эл көзүнө сарпташат, бирок эч качан көп өлчөмдө коротушпайт. Адамдардын көзүн бойоого жетиштүү, чектүү сумманы гана каржашат. Эч качан «Эч шек жок, Аллах

момундардан жандарын жана мал-мүлктөрүн акысына аларга бейишти берүү үчүн сатып алган...» (Тообо Сүрөсү, 111) аятында сүрөттөлгөн момундардай болушпайт.

Момундар, жогорудагы аятта талап кылынгандай, керек болгон бардык мүмкүнчүлүктөрүн Аллах ыраазы боло турган жакшылык иштерге колдонуудан тартынышпайт. Ал эми мүнафык болсо момундардын арасына бир пайда алуу үчүн кирген. Өз мал-жанынан сарпташы болсо Аллах ыраазылыгы үчүн эмес, келечекке багытталган бир инвестиция болот. Момун болуп көрүнүү үчүн жасаган кичинекей чыгымы менен момундардын колундагы чоңураак мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланам деп ойлойт.

Куранда мүнафыктардын сараңдыгына мындайча көңүл бурулат:

**Алардын (мүнафыктардын) кээ бирлери болсо: «Ант болсун, эгер бизге берешендигинен мол берсе, чындап садака беребиз жана ыкластуулардан болобуз» деп Аллахка убада беришкен. Аларга Өзүнүн мол берешендигинен бергенде болсо, анда сараңдык кылышты жана жүз бурушту; алар ушундай терс бурулуучулар. Ошентип Ал да, Аллахка берген сөздө турбаганы жана калп айтканы үчүн, Аны менен жолуга турган күнгө чейин жүрөктөрүндө мүнафыктыкты бекем кылды. (Тообо Сүрөсү, 75-77)**

Мүнафыктар ушундай сараң жана өзүмчүл болсо, момундардын ою дайыма өз мал-жанын аябай сооп иштерди кылууда болот. Себеби момун кылгандарынын жообун Аллах Кабатынан күтүп, акыретти максат кылат. Бул дүйнөнүн убактылуу жана пайдасыз экенин жана бул дүйнөдө Аллахты ыраазы кылуу үчүн гана жашап жатканын түшүнгөн болот.

## Ач көз жана өзүмчүл болушат

Мүнафыктар Аллах жолунда мал-мүлкүнөн көбүрөөк сарптабаган сыяктуу эле, мүмкүн болушунча момундардан пайдаланууга аракеттенишет. Аллахтын ыраазылыгын максат кылышпагандыктан, дайыма кичинекей пайдаларды алууну көздөшөт. Ошондуктан момундар жан аябас, асыл болушса, алар ач көз жана өзүмчүл болушат. Куранда мүнафыктардын момундардан пайдалануу каалоолору мындайча кабар берилген:

**Алардан садакалар жөнүндө сени сындай тургандар бар. Андан аларга берилсе, жактырышат, аларга берилбегенде болсо, ачууланышат. Эгер алар Аллах жана элчиси бергенге ыраазы болушканда жана: «Бизге Аллах жетет; Аллах жакында бизге берешендигинен берет, Анын элчиси да. Биз чынында бир гана Аллахка умтулуучуларбыз» дешкенде (кана)!..» (Тообо Сүрөсү, 58-59)**

Аяттагы «бизге Аллах жетет» сөзү момундардын көз-карашын сүрөттөйт. Момун кылгандарынын чыныгы жообунун акыретте экенин билет. Аллах аны кылгандарынан эсе эсе көбү менен, бейиши, мээрими жана ыраазылыгы менен сыйлайт. Ошондуктан бул дүйнөдөгү кичинекей пайдалар үчүн ач көздүк кылуу, пайгамбарга жана момундарга каршы чыгуу момунга эч жарашпайт. Момун төмөндөгү аяттын өкүмүнө кирип калуудан абдан тынчсызданат:

**«Ким ага «туптуура жол» апачык белгилүү болгон соң, элчиге каршы чыкса жана момундардын жолунан башка бир жолду ээрчисе, аны кайткан нерсесинде калтырып койобуз жана тозокко салабыз. Кандай жаман орун ал!..» (Ниса Сүрөсү, 115)**

Ошондой эле, момун Аллах ага зарыл учурда бул дүйнөдө да чоң немат-жакшылыктар берээрин билет.

Мүнафык болсо Аллахтан жана Анын мээриминен кабарсыз болгондуктан, кичинекей жана пас пайдалардын артынан чуркайт жана өзүн уят кылат.

## Жашыруун чогулуп, момундарга карата пландарды жасашат

Эгер бир момун коомунун ичинде бирден көп мүнафык бар болсо, булар бири-бири менен жашыруун мамиле түзүшөт жана Куранда билдирилгендей, «жашыруун чогулуштарды» өткөрүшөт.

Момундар коомунун ичинде жашоого аракеттенген мүнафык кыска убакыт ичинде өзүнө окшош мүнөздүүлөрдү сезет. Себеби алар да, ал сыяктуу жан аябастыктан качкан, сүйүүдөн алыс, текебер адамдар болот. Момундар коомунун ичинде ага окшош мүнөздүү башкалардын да бар экенин сезген мүнафык аларга жакындайт. Өз ара топ түзүшөт. Момундардан алыс болууга жана өз ара жакын болууга аракеттенишет. Себеби момундардын жанында тынч жүрө алышпайт; момундар алардын Куранга туура келбеген мамилелерин эскертип, аларды жан аябай аракет кылууга чакырышат. Ошондуктан, ибадаттарын көңүл коштук менен кылган жана өз пайдасын көздөгөн башка мүнафыктардын жанында өзүн тынч сезет.

Мүнафыктардын өз ара топтошушу жана жашыруун чогулуштарды өткөрүшү Куранда кабар берилген. «Жашыруун чогулуш» - бул мүнафыктардын момундарга билдирбестен чогулуп, момундар жана пайгамбар жөнүндө «каршы чыгууну (баш көтөрүүнү)», же «фитнаны» сүйлөшүшү. Куранда мүнафыктардын мындай иш-аракети терең баяндалат:

**«Жашыруун чогулуштардын шыбырашмайларынан» кайтарылып, анан (ошол) кайтарылган нерсеге кайра кайткандарды; күнөө, душмандык жана пайгамбарга баш көтөрүүнү (өз ара) шыбырашкандарды көрдүңбү? Алар сага келгенде, сени Аллах саламдаган сыяктуу саламдашат. Жана өздөрүнө өздөрү: «Айткандарыбыз үчүн Аллах бизге азап бергенде кана.» дешет. Аларга тозок жетет; ошол жерге киришет. Ал бара турган кандай жаман орун. (Мүжаделе Сүрөсү, 8)**

Аллах «жашыруун чогулуштарды» баяндаган башка бир аятта болсо мындай чогулуштардын түнкүсүн болооруна мындайча көңүл буруудa:

**Алар адамдардан жашырышып, Аллахтан жашырышпайт. Чынында болсо алар сөздөрдөн (план кылып) (Аллах) ыраазы болбой турган нерсени түндөлөрү түзүп жатышканда, Ал алар менен бирге. Аллах кылгандарын ороп туруучу. (Ниса Сүрөсү, 108)**

Башка бир аятта болсо Аллах мүнафыктардын мындай иш-аракетинин «шайтандан» экенин төмөнкүчө билдирген:

**Шексиз, «жашыруун чогулуштардын шыбырашмайлары» ыйман келтиргендерди кайгыга салуу үчүн бир гана шайтан (жасаган иштер)ден... (Мүжаделе Сүрөсү, 10)**

Мүнафыктардын кээ бирлери момун болуп көрүнүү менен момундардын арасынан орун табууга аракеттенип жатып, бир тараптан каапырларга момундар жөнүндө кабар жеткиришет. Себеби каапырлар момундарды өздөрүнө душман көрүшөт, бирок момундар арасындагы бир туугандык мамиледен улам аларга зыян бере алышпайт. Мындай учурда момундардын арасына аралашкан мүнафыктарга жакындап, аларга бир катар кызыкчылыктарды сунушат жана бул үчүн момун коому жөнүндө аларга маалымат алып келишин каалашат.

Пайгамбарыбыз (сав) доорунда мисалдары көрүлгөн мүнафыктардын мындай мамилеси «...араңарда аларга (каапырларга) «кабар жеткиргендер» бар. Аллах зулумдук кылуучуларды билет.» (Тообо Сүрөсү, 47) аяты аркылуу билдирилген. Куранда мүнафыктардын мындай мүнөзү «башка бир коом үчүн кабар топтоо» деп да айтылат. Аятта мындайча буюрулат:

**Эй пайгамбар, жүрөктөрү ишенбеген абалда ооздору менен «ишендик» дегендер менен еврейлерден каапырдык ичинде аракеттенгендер сени кайгыртпасын. Алар калпка кулак тосуучулар, сага келбеген башка коом үчүн кулак тосуучулар (кабар жыйноочулар)... (Маида Сүрөсү, 41)**

# МҮНАФЫКТАРДЫН АКЫЛСЫЗДЫКТАРЫ

**М**үнафыктардын эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн башында, башка бардык каапырлар сыяктуу, акылсыз болушу турат. Мээлүү болушу мүмкүн, бирок эч качан Куранды түшүнүү жана жашоо үчүн биринчи шарт болгон акылга ээ боло алышпайт. Ошондуктан окуяларды акылсыздык менен анализ кылышат. Аллахты жана момундарды да ушундай акылы жок сын-пикирлери менен баалашкандыктан, чындап түшүнө алышпайт.

## Аллах алардын кылгандарын көрбөйт деп ойлошот

Мүнафыктардын эң чоң акылсыздыгы – бул алардын Аллахты менин кылгандарымдан кабарсыз деп ойлошу. Момундарга гана карап план курушат. Эгер «момундарды көндүрө алсам, эч маселе чыкпайт», «аларды ыраазы кыла алсам, максатыма жетем» деп ойлошот. Чынында болсо Аллах мүнафыктардын кылып жаткандарын билет. Алардын эч бир кыймылы, эч бир ойу Аллахтан жашыруун калбайт. Ойлорунан өткөн ар бир ойду, жүрөктөрүндө сезгендерин жана жүрөгүнүн түпкүрүн (подсознание) да Аллах ороп-курчап турат. Бир аятта бул мындайча эске салынат:

**... алар силер менен сүйлөшкөндө, «ишендик» дешет, өз башынча калганда болсо, силерге болгон кекенүү жана ачууларынан улам сөөмөйлөрүн кезешет. Айткын: «Кек жана ачууңар менен өлгүлө». Шексиз, Аллах жүрөктөрдүн түбүндө жашыруун турганды билүүчү. (Али Имран Сүрөсү, 119)**

Мүнафыктар Аллахтын аларды билип турганынан кабарсыз калып, бир мөөнөт бою момундарды алдадым деп ойлоп жүрүшү мүмкүн. Кылган эки жүздүүлүктөрүнүн ачыкка чыкпашы аларга күч бериши мүмкүн. Куранда мүнафыктардын мындай туура эмес ой жүгүртүшү төмөнкүдөй баяндалат:

**«Жашыруун чогулуштардын шыбырашмайларынан» кайтарылып, анан (ошол) кайтарылган нерсеге кайра кайткандарды; күнөө, душмандык жана пайгамбарга баш көтөрүүнү (өз ара) шыбырашкандарды көрдүңбү? Алар сага келгенде, сени Аллах саламдаган сыяктуу саламдашат. Жана өздөрүнө өздөрү: «Айткандарыбыз үчүн Аллах бизге азап бергенде кана.» дешет. Аларга тозок жетет; ошол жерге киришет. Ал бара турган кандай жаман орун. (Мүжаделе Сүрөсү, 8)**

Мүнафыктар айткан «**айткандарыбыз үчүн Аллах бизге азап бергенде кана**» сөзү алардын канчалык акылсыз, канчалык аң-сезимсиз экенин көрсөтүп турат. Аллах аларга берген мөөнөттү чексиз деп ойлошуп, эки жүздүүлүктөрүн уланта алабыз деп ойлонушууда. Чынында болсо эч мындай болбойт, Аллах сөзсүз алардын чыныгы жүзүн ачыкка чыгарат.

## Аллахтын момундарга болгон колдоосун билишпейт

Мүнафыктар, Аллахтын аларды билип турганынан кабарсыз болгон сыяктуу эле, момундарга болгон жардамын да билишпейт. Момундарды дайыма тышкы көрүнүшкө карап баалашат. Чынында болсо момундар – бул Аллах жардам берген адамдар. Эң кыйындай көрүнгөн учурда аларды ийгиликке жеткирүүдө.

Мүнафыктар чындыкты билишпегендиктен, өздөрүн кээ бир материалдык өзгөчөлүктөрү себебинен момундардан өйдө сезишет. Көрүнүштө кээде момундардан бай, кызмат орду жогоруураак жана атак-даңктуу болушу мүмкүн; ошондуктан момундардан артыкчабыз деп ойлошот. Аллах мүнафыктардын мындай акылсыздыгын жана момундардын кандай болсо да, Аллахтын жардамы менен мүнафыктардан же башка каапырлардан өйдө болоорун Пайгамбарыбыз (сав) доорунда болгон бир окуя аркылуу кабар берген:

**«Ант болсун, Мадинага кайтсак, күчү жана кадыр-баркы көп болгондор кедей жана алсызды, албетте, ал жерден сүрүп-чыгарат» дешет. Чындыгында болсо иззет (күч, кадыр-барк жана улуулук) Аллах, Анын Элчиси жана момундарга тиешелүү. Бирок мунафыктар билишпейт. (Мүнафикун Сүрөсү, 8)**

## Аллахтын азабына караганда каапырлардын азаптарынан көбүрөөк коркушат

Мурдараак да айтылгандай, мүнафыктар момундар коому менен бирге жүргөн убакыт бою алар сыяктуу иш-аракет кылышып, алардын кыймылдарын туурашат. Бирок момундар үчүн кыйын бир сыноо убагы келгенде, б.а. чындап ыйман келтиргендерди аныктай турган чыныгы жан аябастык жана бекемдик сыналган учурларда, мүнафыктардын эки жүздүүлүгү ачыкка чыгат. Бул алардын абдан коркок болушунан жана аятта айтылгандай «адамдардан Аллахтан корккон сыяктуу, ал тургай андан да көбүрөөк коркушунан» келип чыгат.

Аяттарда Пайгамбарыбыз (сав) доорундагы мүнафыктардын кыйынчылык учурларында кандайча мамиле кылышканы төмөнкүчө кабар берилген:

**Аларга «Колуңарды (согуштан) тарткыла, намазды кылгыла, зекетти бергиле» деп айтылгандарды көрдүңбү? Ал эми согуш аларга жазылганда, алардын бир тобу адамдардан Аллахтан корккон сыяктуу, ал тургай андан да күчтүү бир коркуу менен коркуп жатышат жана: «Раббибиз, эмнеге согушту бизге жаздың (буйрудуң), бизди кийинчерээкке кечеңдетишиң керек эмес беле?» дешти. Айткын: «Бул дүйнөнүн жалганчы кооздугу аз, акырет болсо такыбалар үчүн жакшыраак жана силер «бир курма данегиндеги ипичке бир жипчедей» да адилетсиздикке туш болбойсуңар.» (Ниса Сүрөсү, 77)**

**Адамдардын ушундайлары бар: «Аллахка ыйман келтирдик» дешет, бирок Аллах жолунда кыйынчылыкка кабылганда, адамдардын (ага кылган кыйноо жана) фитнасын Аллахтын азабындай көрөт; бирок Раббиңден «бир жардам жана жеңиш» келсе, ант болсун: «Биз чынында**

**силер менен бирге элек» дешет. Чынында болсо, Аллах ааламдардын ичиндегини (эң ич маңызындагыны) жакшыраак билүүчү эмеспи? (Анкебут Сүрөсү, 10)**

## Өз араларында да түшүнбөстүктө болушат

Момундардын эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул ич ара биримдик жана ынтымак. Мүнафыктар болсо тескерисинче болушат. Баарынын орток бир өзгөчөлүгү, б.а. эки жүздүүлүгү бар; бирок мындан тышкары бири-бири менен тирешип, пикир келишпестикте болушат. Себеби момундар сыяктуу жалгыз бир максатты, т.а. Аллахтын ыраазылыгына жетүүнү көздөшпөйт. Тескерисинче баары өз пайдаларын көздөшөт жана натыйжада кызыкчылыктары сөзсүз карама-каршы келет. Куранда мүнафыктардын мындай өзгөчөлүгүнө төмөнкүдөй көңүл бурулат:

**...Мунун себеби – шексиз, алардын «терең бир акылга ээ эмес болушу». Алар жакшылап корголгон шаарларда же дубалдын артында болмоюнча, силер менен топ болуп согушушпайт. Өз араларындагы уруштары болсо абдан күчтүү. Сен аларды чогуу деп ойлойсуң, чынында болсо жүрөктөрү бөлөк-бөлөк. Бул, шексиз, алар акыл жүгүртпөгөн бир коом болгону үчүн ушундай. (Хашр Сүрөсү, 13-14)**

## Акылдуубуз деп ойлошот

Мүнафыктар момундарды алдай алдык деп ойлошот жана натыйжада өздөрүн абдан акылдуу сезишет. Момундар сыяктуу жан аябастык кылышпагандыктан, Аллахтын ыраазылыгын максат кылган бир өмүр сүрбөгөндүктөн, өз ойлорунда «пайдалуу» абалдамын деп ойлошот.

Чынында болсо мүнафыктар абдан чоң акылсыздык кылышкан болот. Аларга динди үйрөнүү, Аллахтын ыраазылыгы жана бейишине жетүү мүмкүнчүлүгү берилгенде, бүт буларды ташташып дүйнө жашоосунун пайдасыз жана убактылуу кооздугуна көз артышат. Улуу бир кутулуунун ордуна, кичинекей эсептери себебинен, чоң бир азапка, т.а. тозок азабына татыктуу болушкан болот. Болгондо да, бул дүйнөдө да көп азап тартып, дайыма абийир азабы, шектенүү жана санаа ичинде жашашат.

Куранда мүнафыктардын өздөрүн момундардан акылдуу ойлошоору, бирок чыныгы акылсыздардын өздөрү экени кабар берилет:

**Жана (кайра) аларга: «Адамдар ыйман келтирген сыяктуу силер да ыйман келтиргиле» деп айтылганда: «Акылы төмөндөр ыйман келтирген сыяктуу ыйман келтирелиби?» дешет. Билип койгула, чынында чыныгы акылы төмөндөр өздөрү; бирок билишпейт. (Бакара Сүрөсү, 13)**

# ФИТНА ЧЫГАРУУЧУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**М**үнафыктардын эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул момундар арасында «фитна» чыгарууга аракеттениши. Фитна ыймандуулардын ынтымагын, Аллахка, пайгамбарга жана Куранга болгон бекемдигин бузууну максаттаган ар түрдүү бузуку сөз жана иш-аракетти түшүндүрөт. Мүнафыктар өздөрү туура эмес жолдо болгондуктан, момундарды да адаштырууну каалашат. Буга жетүү үчүн болсо өзгөчө кыйынчылык жана оор сыяктуу көрүнгөн убактарды мүмкүнчүлүк деп ойлошот.

Мүнафыктар Мусулман деген атка жамынып, өзүн сездирбестен, шайтанга кызмат кылышат. Шайтандын түпкү максаты ыйман келтиргендерди адаштырып, артынан ээрчитип кетүү болгон сыяктуу эле, мүнафык да ушундай ниет менен Мусулмандардын арасында фитна жайып, алардын туура жолдон кайтышы үчүн аракеттенет.

## Айланасындагыларга күмөн (азгырык) бергилери келет

Момундар бар чөйрөлөрдө дайыма кубаныч, жандуулук өкүмдүк кылат. Өз араларындагы маектери да дайыма позитивдүү, окуялардын кайырдуу (жакшы) тараптарын эстеткен жана Аллахтын убадалары менен бири-бирин сүйүнчүлөгөн бир услупта болот. Ошондой эле, момундардын маектеринде эң көңүл буруучу жагдайлардын бири – бул алардын дайыма тагдырды түшүнгөн бир услуп менен сүйлөшү. Мисалы, бир коркунучту, терс бир окуяны айтып жатышканда да, чын ыкластан бул окуянын тагдырда экенине, анда бир жакшылык бар экенине ал сүйлөмдүн арасында сөзсүз басым жасашат.

Бирок мүнафыктар жүрөктөрүндөгү ооруну сөздөрүндө да жашыра алышпайт жана окуяларды негативдүү, тагдырды унуткан, «балээ чабарманы» услубундай услуп менен баяндашат. Бир окуяны азап жана кыйынчылык ичинде момундардын зыянына болгон бир абал сыяктуу айтып берүү менен, «аттиң мындай кылбаганыңарда», «эх утулдук», «ай жаман болду» сыяктуу, тагдырдан алыс адамдардын услубу менен баяндашат. Алардын мындай негативдүү услубу Аллахтын кудуретин түшүнө алышпаганын даана көрсөтөт.

Мындай услуптары менен айланасындагы чын ыкластуу Мусулмандарды да күмөнгө салууга аракеттенишет. Аллах момундарды мындай коркунучтан эскерткен жана күмөнгө салуучу адамдардын жамандыгынан Куранда мындайча сөз кылган:

**Айткын: Адамдардын Раббисинен коргоо тилеймин. Адамдардын Малигинен (Падышасынан), Адамдардын (чыныгы) Кудайынан. Тымызын, жүрөктөргө азгырык жана шектенүү түшүрүп туруучу» азгырыкчынын жамандыгынан (сакта). Ал адамдардын көкүрөктөрүнө азгырык салат (ичине шектенүү, куру санааларды шыбырайт); жиндерден жана адамдардан (болгон бүт ханнастан Аллахка корголоном). (Нас Сүрөсү, 1-6)**

Мүнафыктар да ушундай кыйынчылык берүү, чечкиндүүлүктү басаңдатуу, маанайды бузуу, үмүтсүздүккө түртүү, күмөнгө салуу сыяктуу ниеттер менен Аллах тагдырда жакшылык менен жараткан окуяларды бир жамандык же кырсык жөнүндө сөз кылып жаткандай жеткиришет. Чынында болсо ар бир адамдын ар бир көз ирмеми, бүт майда-баратына чейин бир план ичинде болууда жана ар бир окуя Аллахтын башкаруусунда, Анын уруксаты (буйругу) менен ишке ашууда.

## Кыйынчылык учурларында фитна чыгарышат

Мүнафыктар жашыруун мүнөздөрүн кыйынчылык учурларында көрсөтүшөт. Башка мүнафыктар менен жашыруун аракеттерди кылышып, такыба деп көргөн адамдарды туура жолдон алыстатуу максатында системалуу күрөш жүргүзүшөт. Бул үчүн каапырлар менен кызматташуудан да тартынышпайт. Бирок мүнафыктар бүт иштеринин, сөздөрүнүн тагдырда бир-бирден белгиленип коюлганын, Аллахтын алардын бүт иштерине күбө экенин унутуп коюшкан. Раббибиз «Аллах каапырларга момундардын зыянына эч качан жол бербейт.» (Ниса Сүрөсү, 141) аяты менен мүнафыктардын аракетинин текке кетээрине көңүл бурган. Башка бир аятта болсо Аллах момундардын дайыма жеңээрине мындай басым жасаган:

**Ким Аллахты, Анын Пайгамбарын жана ыймандуу адамдарды дос тутса, албетте, Аллахтын жамааты гана жеңүүчү. (Маида Сүрөсү, 56)**

Мүнафык момундар алсыз деп ойлогон убактарда аларды туруксуздукка, чыккынчылыкка, үмүтсүздүккө, жалкоолукка түрткүсү келет. Бул үчүн болсо тымызын бир услуп колдонуу менен акырын гана айланасындагы адамдардын ыйманына зыян тийгизүүгө жана аларды күмөнгө сала турган сөздөр менен өзүнө кошууга аракеттенет. Бул үчүн колдонгон ыкмаларынын бири – бул момундарга жалаа жабуу.

Куранда мүнафыктардын «... Аллах жана Элчиси бизге куру бир калпты гана убада кылышты.» (Ахзаб Сүрөсү, 12) же «... буларды (Мусулмандарды) диндери жаңылтты...» (Энфал Сүрөсү, 49) сыяктуу сөздөр менен ыйман келтиргендерге күмөн берүүгө аракеттенээри кабар берилген. Мүнафыктар момундар байкабаган чындыктарды мен байкадым деген күмөндө болушат.

Мунун бир мисалын Куранда айтылган Самири аттуу кишинин «...Мен алар көрбөгөндү көрдүм...» (Таха Сүрөсү, 96) сөзү менен Аз. Мусанын коомун адаштыруу аракетинен көрүүгө болот.

Мүнафыктардын кыйынчылык учурларында фитна чыгарууларынын бир себеби – бул алардын ошол учурларда бейпил аракет кыла алышы. Самири «фитнаны» Аз. Муса жок кезде жана коомун буруу ыңгайлуу болгон кезде чыгара алган. Туура жолдон адашкан коомдун «... Муса бизге кайтып келгенге чейин ага (музоого) бел бүгүп, алдында ийилүүдөн эч кайтпайбыз» (Таха Сүрөсү, 91) деп айтышы мүнафыктардын бузукулук чыгаруу үчүн башаламан жана кыйынчылык чөйрөлөрүн күтөөрүнүн маанилүү бир далили.

Аз. Мухаммед (сав) доорундагы мүнафыктардын да Пайгамбарыбыз (сав) жана жанындагы момундар күчтүү болгон кезде фитна чыгарбаганы көңүл бурат. Куранда мүнафыктардын согуш учурундагы башаламандыкты момундардын арасында бөлүнүү чыгаруу үчүн колдонушканы мындайча сүрөттөлгөн:

**Мына ошол жерде ыйман келтиргендер сыналган жана күчтүү бир олку-солкуга кабылышкан эле. Мүнафыктар жана жүрөктөрүндө оорусу (илдети) барлар: «Аллах жана Элчиси бизге куру бир алдануунү гана убада кылышты» деп жатышкан. (Ахзаб Сүрөсү, 11-12)**

Мүнафыктардын бул сөздөрү алардын динге болгон көз-карашын көрсөтөт. Себеби момун коомдун арасына кошулуп жатып, алар сыяктуу болуу менен бир катар дүнүйөлүк пайдаларга жетүүнү үмүт кылышкан. Бирок алар кабылган ар бир кыйынчылык алар үчүн чоң бир азапка айланган жана эмгегибиз текке кетти деп ойлошкон. Мына ушул себептен айланасынан келчү реакцияга да ыраазы болуп, өздөрүнүн коркуусуна момундарды да кошууга аракеттенишкен. Пайгамбарыбыз (сав) доорунда жашаган мүнафыктардын мындай сунуштарын кабар берген бир аят төмөнкүдөй:

**Алардын бир тобу мындай деген эле: «Эй Йасриб (Медина) калкы, эми силер үчүн (бул жерде) кала турган жер жок, демек (артка) кайткыла...» (Ахзаб Сүрөсү, 13)**

Ал эми момундардын мамилеси болсо Куранда мындайча билдирилген:

**Момундар (душман) топторун көргөндө болсо айтышты: «Бул Аллах жана Элчиси бизге убада кылган нерсе; Аллах жана Элчиси туура айткан.» Жана (бул) алардын ыймандарын жана (Аллахка) жакындыктарын гана көбөйттү. Момундардан ушундай эркек-адамдар бар, Аллахка берген убадасына бек болушту; ошентип алардын кээ бирлери убадасын аткарды, кээ бирлери күтүп жатат. Алар (сөздөрүн) эч өзгөртүшкөн жок. Себеби Аллах (сөзүндө турган бекем) чынчыл адамдарды өз чынчылдыктары себептүү сыйлайт, мүнафыктарды кааласа азаптайт же тообо (насип кылып тообо)лорун кабыл кылат. Шек жок, Аллах – кечиримдүү, ырайымдуу. (Ахзаб Сүрөсү, 22-24)**

Мүнафыктардын бузукулук чыгаруу аракеттери ар кандай учурларда болушу мүмкүн. Куранда Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед (сав) доорунда жашаган мүнафыктардын аракеттерине көңүл бурулган бир аят төмөнкүдөй:

**Аллахтын элчисине каршы чыгышып, (согуштан) калып калгандар отуруп-калганына сүйүнүштү жана Аллах жолунда мал-мүлктөрү жана жандары менен жехд кылууну (аракет кылууну) жаман көрүшүп: «Мындай ысыкта (согушка) чыкпагыла» дешти. Айткын: «Тозок отунун ысыктыгы күчтүүрөөк.» Түшүнүшсө кана. (Тообо Сүрөсү, 81)**

Пайгамбарыбыздын (сав) коомунун арасындагы кээ бир мүнафыктардын рискке кирээрин сезишкенде, эң башынан момундардан бөлүнгөнү Куранда кабар берилген. Мындай бөлүнүү чынында момундар үчүн чоң бир мээрим, себеби Аллах момундарды ушундайча араларындагы фитна чыгаруучулардан тазалаган. Бул абал Куранда мындайча билдирилет:

**Силер менен бирге чыгышканда, силерге «жамандык менен зыяндан» башка нерсе кошмок эмес жана араңарда сөзсүз фитна чыгаруу үчүн ичиңерде аракет кылышмак. Араңарда аларга «кабар ташуучулар» бар. Аллах зулумдук кылуучуларды билет. Ант болсун, мурда алар фитна издешкен эле. Жана сага каршы бир катар иштерди жасашкан. Аягында алар каалабаса да акыйкат келди жана Аллахтын буйругу ачыкка чыгып-жогору болду. (Тообо Сүрөсү, 47-48)**

## Аллах үчүн күрөшүүдөн шылтоо таап качышат

Мүнафыктар кыйынчылык учурларында момундарды таштоого жана өз кызыкчылыктарын куткарууга аракеттенишет. Бирок муну да эки жүздүүлүк менен кылышат, б.а. өздөрүн туура көрсөтүүгө аракет кылуу менен кылышат. «Биз бизге зыяны тийет деп коркуп жатабыз, Аллахка тобокел кыла албай жатабыз» дешпейт. Мунун ордуна кээ бир шылтоолорду айтышат. Куранда Пайгамбарыбыз (сав) доорунда жашаган мүнафыктар айткан шылтоолордун кээ бирлери мындайча кабар берилген:

**Эки коом жолуккан күнү силердин башыңарга келген Аллахтын уруксаты менен гана болду. (Бул Аллахтын) момундарды айырмалоосу; мүнафыктык кылгандарды да аныкташы үчүн эле. Аларга: «Келгиле, Аллах жолунда согушкула же коргонгула» деп айтылганда, «Биз согушканды билгенде, албетте силерди ээрчимекпиз» дешти. Ал күнү алар ыйманга караганда каапырчылыкка жакын эле. Жүрөктөрүндө болбогон (сөздү) ооздору менен айтып жатышкан. Аллах алардын жашыргандарын жакшыраак билет. (Али Имран Сүрөсү, 166-167)**

**Бедевилерден (согуштан) артта калгандар сага айтышат: «Бизди мал-мүлкүбүз жана үй-бүлөлөрүбүз алаксытты. Ошондуктан биз үчүн кечирүү сура.» Алар жүрөктөрүндө болбогон нерсени тилдери менен айтып жатышат. Айткын: Эми Аллах силерге бир зыян кааласа же пайда кааласа, силер үчүн Аллахка карата кимдин кандайдыр бир нерсеге күчү жетет? Жок, Аллах кылганыңарды билүүчү. (Фетих Сүрөсү, 11)**

**Алардан бир коом болсо: «Чынында үйлөрүбүз ачык» деп пайгамбардан уруксат сурап жатышкан; чынында болсо алар(дын үйлөрү) ачык эмес эле. Алардын качкылары гана келип жаткан. (Ахзаб Сүрөсү, 13)**

Байкалгандай, мүнафыктар айткан шылтоолор «согушканды билбейбиз», «үйлөрүбүздү жана үй-бүлөлөрүбүздү коргошубуз керек» сыяктуу калп ак ниеттүүдөй көрүнгөн шылтоолор. Бирок Аллах булар жөнүндө «... жүрөктөрүндө болбогон (нерсе)ни ооздору менен айтышты...» (Али Имран Сүрөсү, 167) деп айткан. Болгондо да мындай калптарын Аллах атынан ант ичүү менен айтышат. Муну кабар берген аятта мындайча буюрулууда:

**... «Эгер күчүбүз жеткенде, сөзсүз сени менен бирге (согушка) чыкмакпыз» деп сага Аллах атынан ант ичишет... (Тообо Сүрөсү, 42)**

Мүнафыктардын бул калптарынан сөз кылган башка бир аят мындайча:

**... жүрөгүндөгүнө карабастан Аллахты күбө келтирет; чынында болсо ал адашкан бир душман. (Бакара Сүрөсү, 204)**

Мүнафыктар тарых бою дайыма бир эле калптарды чыгарышкан. Ошондуктан, мындай калптарын канчалык туура көрсөтүүгө аракет кылышса да, Аллах алардын эки жүздүүлүктөрүнүн далили катары мындай тараптарын көп мисалдар менен алдын ала билдирген. Мындай шылтоолорунун баарынын негизги себеби болсо – бул ыймандарынын алсыздыгы жана жүрөктөрүндөгү оору. Себеби Аллахка жана акырет күнүнө толук билүү менен ыйман келтирген бир Мусулман үчүн мындай нерсе болбойт. Ал тургай момундар ыймандары берген чечкиндүүлүк жана толкундануу менен ар кандай кыйынчылыкка даяр болушат. Аллахтан башка эч кимден, эч бир коркунучтан коркпостон Аллах үчүн жашашат. Мүнафыктардын Мусулмандарга карама-каршы келген мындай мамилелерине Пайгамбарыбыз (сав) доорунда болуп өткөн бир окуядан мындайча мисал берилген:

**...Ал эми согуш аларга жазылганда, алардын бир тобу адамдардан Аллахтан корккон сыяктуу, ал тургай андан да күчтүү бир коркуу менен коркуп жатышат жана: «Раббибиз, эмнеге согушту бизге жаздың (буйрудуң), бизди кийинчерээкке кечеңдетишиң керек эмес беле?» дешти... (Ниса Сүрөсү, 77)**

Аятта билдирилгендей, мүнафыктардын адамдардан болгон коркуусу ушунчалык күчтүү болгондуктан, бул коркуу алардын Аллахтын буйруктарына апачык баш көтөрүп, каршы чыгышына себеп болгон. Бирок мындай качуулары аларга эч качан бир пайда алып келбейт. Ошентип кыйынчылыктан качуу менен дүйнө жашоосунда өз ойлорунда акылдуулук кылдык деп ойлошот. Бирок эң негизгисинин түбөлүк акырет жашоосу экенин унутуп коюшканы үчүн чоң бир жоготууга туш болушат.

## Момундар арасында жалган кабарлар таратышат

Мүнафыктардын дагы бир фитна чыгаруу жолу – алардын бул момундар арасында негизсиз кабарларды жайуу мүнөзү. Мүнафыктар момундардын зыянына сыяктуу көрүнгөн кандайдыр бир кабарды андан да көбүртүп-жабыртып жана бир «балээ кабарына» айлантып момундар арасында жайышат. Ушундай жол менен момундар коомунда тынчсыздануу жана бейпилсиздик жараткылары келет. Куранда мүнафыктардын мындай иш-аракеттеринен төмөнкүдөй сөз болот:

**Аларга коопсуздук (тынчтык) же кооптуу кабар келгенде, аны жайып жиберишет. Андан көрө муну пайгамбарга жана алардан болгон башчыларына жеткеришкенде эле, алардан «жыйынтык чыгара алгандар» аны билишмек. Аллахтын силерге болгон боорукердиги жана мээрими болбогондо, балким азыңардан башка (баары)ңар шайтанды ээрчиген болоор элеңер. (Ниса Сүрөсү, 83)**

Куранда мындай бир мамиленин жообу жана момундардын бул адамдардын калптарына, дооматтарына кандай жооп бериши керек экени болсо Пайгамбарыбыз (сав) доорунда болуп өткөн бир окуя баяндалып жатканда мындайча билдирилет:

**Чынында ойдон чыгарылган бир калп менен (зина доомaты менен) келгендер силердин араңарда чогуу жүргөн бир коом; силер аны өзүңөр үчүн бир жамандык деп ойлобогула, тескерисинче ал силер үчүн бир жакшылык. Алардын ар бирине топтогон күнөөсүнөн (бир жаза) бар. Алардан (куру дооматтын) чоңун алганга (жасаганга) болсо чоң бир азап бар. Аны укканыңарда, эркек момундар менен аял момундар өз напсилери атынан жакшы бир күмөндө болуп: «Бул апачык бир ойлоп чыгарылган куру доомат сөзү» деши керек эмес беле? (Нур Сүрөсү, 11-12)**

## Оңдойм демиш болуп бузукулук чыгарышат

Мүнафыктар, дайыма кылган сыяктуу, фитна чыгарып жатканда да эки жүздүүлүк кылышат. Кылган жамандыктарын чынында жакшы ниет менен кылганбыз дешет. Чынында болсо мүнафыктардын бир кабар таркатуудагы максаты фитна чыгаруу, жанындагы адамдарды күмөнгө салуу, алардын күчүн азайтуу сыяктуу көптөгөн жаман ниеттер болгон болот. Бирок алардан эмне үчүн мындай кылдың деп суралса, жакшы ниет менен кылдык дешет. Бирок Аллах Куранда мүнафыктардын жалган айтып жатканына мындайча көңүл бурат:

**Аларга: «Жер бетинде бузукулук чыгарбагыла» деп айтылганда: <u>«Биз болгону оңдоочуларбыз»</u> дешет. Билип койгула; чынында чыныгы бузукулар ошолор, бирок билишпейт. (Бакара Сүрөсү, 11-12)**

Калп айтканын билдирген дагы бир аят болсо төмөнкүдөй:

**Зыян тийгизүү, каапырдыкты (күчөтүү), момундардын арасын ажыратуу жана мурда Аллахка жана элчисине каршы согушканды күтүү үчүн мечит кургандар жана: «Биз жакшылыкты гана каалайдык» деп ант ичкендер (бар го), Аллах алардын шексиз жалганчы экенине күбөлүк берет. (Тообо Сүрөсү, 107)**

# ЫЙМАНДУУЛАРГА КАРШЫ ЖАСАГАН АРАКЕТТЕРИ

**М**үнафыктар, жогоруда да айтылгандай, бир кыйынчылык учурунда фитна жана бузукулук чыгарууга аракеттенишет. Бирок мүнафык коомунун момундардын зыянына болгон аракеттери булар эле эмес. Мүнафыктар көбүнчө момундардан бөлүнүп кеткен соң да душмандык иштерин жана фитна чыгаруу аракеттерин улантышат. Куранда Аллах мүнафыктардын мындай мүнөзүн «... Фитнага чакырылган сайын ичине башы менен (балыктай) чумкушат...» (Ниса Сүрөсү, 91) аяты менен кабар берген.

Мүнафыктардын бул багыттагы эң маанилүү мүнөзү – бул момундардан бөлүнүп кеткен соң да өз ара бирге жүрүшү. Эң кызыктуусу фитна чыгарып момундардан бөлүнгөн соң да Мусулман көрүнүүгө аракет кылышып, эки жүздүүлүктөрүн улантышат.

Мунун эң маанилүү себеби, мурда да айтылгандай, мүнафыктын мүнафык экенин кабыл албашы. Эч бир мүнафык «мен Аллахтын ыраазылыгын көздөгөн момундар арасында фитна чыгардым, өз пайдам үчүн момундарга каршы чыктым, себеби мен эки жүздүү бир жалганчымын, негизи ыйманым жок» деген сыяктуу сөздөр менен ичиндегисин ачыкка чыгарбайт. Ошондуктан, чын ыкластуу момундардын жанында болбосо да, өзү сыяктуу адамдар менен биригип топ түзөт жана Мусулман болуп көрүнүүнү улантат. Чынында болсо толугу менен каапырчылыкта жашап жаткан болот.

Куранда мүнафыктардын Пайгамбарыбыздын (сав) жанындагы момундардан бөлүнүп кеткен соң, жаңы бир мечит курганы айтылат. Тарыхый маалыматтар бул мечиттин атынын «Дырар мечити» экенин аныктаган. Мүнафыктардын Пайгамбарыбыз (сав) жана анын жанындагы момундардан бөлүнүп кеткен соң, бир «мечит» курушу, албетте, абдан кызык. Динден чыкканына карабастан, апачык динсиз сыяктуу көрүнүштө чогулушкан эмес жана дагы эле Мусулмандай көрүнүүнү улантышкан. Куранда мүнафыктардын мечити менен Пайгамбарыбыз (сав) «такыбалык менен» курган мечит арасындагы айырма төмөнкүдөй баяндалат:

**Зыян тийгизүү, каапырдыкты (күчөтүү), момундардын арасын ажыратуу жана мурда Аллахка жана элчисине каршы согушканды күтүү үчүн мечит кургандар жана: «Биз жакшылыкты гана кааладык» деп ант ичкендер (бар го), Аллах алардын шексиз жалганчы экенине күбөлүк берет. Сен мунун (мындай бир мечиттин) ичинде эч качан турба. Биринчи күнүнөн такыбалык менен курулган мечит сенин анда (намаз жана башка иштер үчүн) болушуңа ылайыктуураак. Анда (ал мечитте) тазаланууну чын жүрөктөн каалаган адамдар бар. Аллах тазалануучуларды сүйөт. Үйүнүн түбүн (негизин) Аллах коркуусу жана ыраазылыгы үстүнө курган адам жакшыбы, же болбосо үйүнүн түбүн кулай турган бир жардын бооруна куруп аны менен бирге өзү да тозок отунун ичине кулаган адамбы? Аллах зулумдук кылган бир коомду туура жолго (хидаятка) баштабайт. Алардын жүрөктөрү майдаланганга чейин, курган үйү (имараты) жүрөктөрүндө бир күмөн бойдон кала берет. Аллах билүүчү, өкүмдар жана даанышман. (Тообо Сүрөсү, 107-110)**

Аяттарда да айтылгандай, мунафыктар курган мечиттин максаты момундарга зыян берүү жана момундарга каршы чыккандар менен кызматташуу болгон. Бул мечитти курган мунафыктар канчалык «биз жакшылык гана кааладык» дешсе да, чыныгы максаттары ошондой болгон. Эки мечиттин арасындагы эң негизги айырма болсо – бул момундардыкынын «такыбалык», б.а. «Аллах коркуусу жана Аллах ыраазылыгы» үчүн курулган болушу. Мактануу жана момундарга душмандык үчүн курулган мунафыктардын мечити болсо, аятта кабар берилгендей, тозокко кулай турган бир жардын четинде. Пайгамбарыбыз (сав) доорунда жашаган мунафыктардын бул мечитти колдонуу менен уланткан фитнасын төмөнкүдөй анализ кылууга болот.

## Момундардан өч алгылары келген

Мунафыктардын момундардан бөлүнгөн соң өздөрүнчө чогулушунун эң маанилүү себеби момундарга болгон кекенүүсү жана жек көрүүсү болгон. Жогоруда мунафыктардын арасында момундардыкы сыяктуу бир сүйүү жана урмат мамилеси жок экенин, тескерисинче аятта айтылгандай, «жүрөктөрүнүн бөлөк-бөлөк» экенин айткан элек. Ошондуктан, мунафыктарды чогуу кармаган нерсе – бул момундарга болгон жек көрүүлөрү жана өч алуу каалоолору.

Момундардан өч алгылары келген, себеби алардын арасында жашап турган мөөнөт бою момундар аларды эскерткен, каталарын айткан, кылгандарынын жалганчылык экенин бетине айткан, кылгандарынан кайтпаса тозокко түшүшү мүмкүн экенин билдиришкен. Бирок мунафыктар текебердиктери себебинен момундардын мындай сонун ахлагын түшүнө алышкан эмес жана аларга кекенишип, душмандык сезишкен.

Тообо Сүрөсүнүн 74-аятында Аллах «...чынында болсо өч алгылары келгенинин себеби аларды Аллахтын жана элчисинин берешендик менен бай кылышынан башка (бир себеби) жок эле...» деп мунафыктардын момундардан өч алгылары келгенине көңүл бурууда. Бирок, албетте, мунафыктардын мындай аракети текке кеткен; Аллах тузактарына өздөрүн түшүргөн жана аларды андан да «төмөн жана кор» кылган.

Мунафыктар өч алгылары келген үчүн момундар жөнүндөгү кабарларды аңдып турушат. Момундардын башына жамандыктардын келишин, алардын зыянга кабылышын үмүттөнүшөт. Куранда бул чындык «Силерге бир жакшылык келсе капаланышат, силерге бир жамандык келгенде болсо буга сүйүнүшөт. Эгер силер сабыр кылсаңар жана сактансаңар, алардын «тузактары» силерге эч бир зыян бере албайт. Шексиз, Аллах кылып жаткандарын ороочу» (Али Имран Сүрөсү, 120) аяты аркылуу кабар берилген.

## Момундарга каршы каапырлар менен кызматташышкан

Мунафыктар момундардан өч алуу үчүн каапырлар менен кызматташуу ыкмасын да колдонушат. Куранда мунафыктардын каапырларга ишенээрине жана аларды дос тутаарына төмөнкүчө көңүл бурулган:

**Мунафыктарга сүйүнүчтүү кабар айт: алар үчүн чынында оор бир азап бар. Алар момундарды таштап, каапырларды дос (вели) тутушат. «Күч-кубат жана ардакты (абройду)»**

**алардын жанынан издеп жатышабы? Албетте, «бүт күч-кубат жана ардак» Аллахка тиешелүү. (Ниса Сүрөсү, 138-139)**

Пайгамбарыбыз (сав) доорунда да мүнафыктар мындай мүнөзүн көрсөтүшкөн. Момундарга кол салган каапырларга жардам беришкен, аларга момундар жөнүндө маалымат берип, аларды момундарга кол салууга үндөшкөн. Куранда бул окуялар мындайча кабар берилет:

**Мүнафыктык кылгандарды көрдүңбү, китеп берилгендерден каапыр туугандарына: «Ант болсун, эгер силер (мекендериңерден) чыгарылсаңар, сөзсүз биз да силер менен бирге чыгабыз жана силерге каршы болгон эч кимге, эч качан баш ийбейбиз. Эгер силерге каршы согушушса, албетте силерге жардам беребиз» дешет. Ал эми, Аллах алардын чындап жалганчылар экенине күбөлүк берет. Ант болсун, (мекендеринен) чыгарылса, алар менен бирге чыгышпайт. Аларга каршы согулушса, аларга жардам беришпейт; жардам беришсе да (артына) бурулуп качышат. Кийин аларга жардам берилбейт. (Хашр Сүрөсү, 11-12)**

Мүнафыктардын каапырларга момундар жөнүндө маалымат берээрине башка бир аятта мындайча көңүл бурулат:

**Эй пайгамбар, жүрөктөрү ишенбеген абалда ооздору менен «ишендик» дегендер менен еврейлерден каапырдык ичинде аракеттенгендер сени кайгыртпасын. Алар калпка кулак тосуучулар, сага келбеген башка коом үчүн кулак тосуучулар (кабар жыйноочулар). Алар сөздөрдү ордуна коюлган соң бурмалашат, «силерге бул берилсе аны алгыла, ал берилбесе андан качынгыла (албагыла)» дешет. Аллах кимдин фитна(га түшү)шүн кааласа, эми ал үчүн сен Аллахтан эч нерсеге ээ эмессиң (күчүң жетпейт). Аллах жүрөктөрүн тазалагысы келбегендер мына ошолор. Дүйнөдө алар үчүн бир басмырлануу, акыретте алар үчүн оор бир азап бар. (Маида Сүрөсү, 41)**

Мүнафыктар мунун натыйжасында каапырлардын момундарды жеңээрин, ошентип алар да өч алгандай болоорун үмүт кылган болушу мүмкүн. Чынында болсо жаңылышкан. Себеби аяттарда билдирилгендей, «бүт кудурет жана урмат Аллахтыкы» жана Аллах момундардын колдоочусу. Мүнафыктардын жана каапырлардын момундарга каршы жасаган кол салуулары жана тузактар Аллахтын жардамы менен момундарга зыян бере албайт.

## Момундарды каралаганга аракеттенишкен

Пайгамбарыбыз (сав) доорундагы Асры Саадет убагында мүнафыктардын момундарга болгон кол салууларынын эң маанилүүлөрүнүн бири момундар жөнүндө ойлоп чыгарган доомат жана жамандоолору болгон. Мүнафыктар момундарды каралаган сайын өзүбүздү актайбыз деп ойлошуп, момундар жөнүндө чыгарган дооматтары менен алардан бөлүнүшүнүн жана аларга душмандык кылышынын туура бир себеби бардай көрсөткөнгө аракеттенишкен.

Момундар жөнүндө ойлоп чыгарган дooматтарын каапырларга айтышып, момундардын абройун түшүрө алабыз деп ойлошкон.

Куранда мүнафыктардын мындай мүнөзүнө да көңүл бурулган. Пайгамбарыбыздын (сав) жубайы жөнүндө чыгарган дооматтан тышкары, «...тилдерин жамандык менен силерге тийгизишет...» (Мүмтехине Сүрөсү, 2) аяты менен болсо мүнафыктардын момундарга доомат аркылуу кол салганы кабар берилген.

Куранда мындан тышкары мүнафыктардын момундарды шылдыңдоого аракеттенгени да билдирилген:

**Садакаларда момундардан кошумча садака бергендер менен эмгектеринен (жехддеринен) башка (эч нерсе) таба албагандарды бөлүп, аларды шылдың кылгандар; Аллах аларды(н өзүн) шылдыңга айлантты жана алар үчүн оор бир азап бар. (Тообо Сүрөсү, 79)**

## Момундарды өздөрүнө кошууга аракеттенишкен

Мүнафыктар момундардан бөлүнгөн соң, жогоруда айтылгандай, бир «мечит» курушкан. Момундарга куру доомат кылып, каапырлар менен кызматташкандан тышкары, момун коомдун арасынан башка адамдарды да мүнафыктык кылып аларга кошулууга чакырышкан.

Мүнафыктар бул үчүн момундар коомунун ичинде ыйман жагынан алсыз деп ойлогон адамдарга жакындаганга аракеттенишкен. Куру санаа жана күмөндөргө оңой кирет деп ойлогон адамдарга жакындаганга, аларды да фитнага түшүрүүгө аракет кылышкан. Момундар коому бир кыйынчылыкка кез келгенде, мындай аракеттерин андан да күчөтүшкөн. Аллах Куранда бул окуяны «Чынында Аллах араңардан тосуучуларды (мүнафыктарды) жана бир туугандарына: «Бизге келгиле» дегендерди билет. Булар, аз бөлүгүнөн башкасы, кыйын-согуштарга келишпейт» (Ахзаб Сүрөсү, 18) аяты менен кабар берген.

# АЛЛАХ МҮНАФЫКТАРДЫ АЧЫККА ЧЫГАРАТ ЖАНА АЗАПТАЙТ

**М**үнафыктар жөнүндө Куранда билдирилген бардык аяттар Аллахтын момундардын арасындагы мүнафыктарды сөзсүз ачыкка чыгараарын көрсөтүүдө. Мүнафыктар канчалык мээлерин иштетип, чыныгы жүздөрүн жашырышса да, Аллах каалаган кезде момундар тарабынан сөзсүз таанылат.

Себеби бул алардын тагдыры. Аллах аларды ушул үчүн жараткан жана момундарга сыноо болушу үчүн аларды момундардын арасына кошкон. Куранда мүнафыктардын бардык мамилелери, сөздөрү, иш-аракеттери терең баяндалган. Мүнафык эмне гана кылбасын, мындай сөз жана иштерин толугу менен айтат жана жасайт. Тагдырындагы бул чындыктан качышы мүмкүн эмес.

Мүнафыктар ачыкка чыгышы жана таанылышы үчүн сөзсүз эле кыйынчылык учурунда өздөрүн ачыкка чыгарышы кажет эмес. Аллах кааласа, момундарга аларды таануу, эки жүздүүлүктөрүн аныктоо жөндөмүн берет. Мындай жөндөмгө ээ момундар кээде балким мамилесин өзгөртөөр деп мүнафык мүнөздүү бир адамга токтоолук менен мамиле кылышы ыктымал. Мүнафык болсо мындайда өзүмдү жашыра алдым деп ойлойт, бирок бул чоң бир жаңылыштык, жалганчылыгында бекем экенин түшүнгөндө момундар бул эки жүздүү адамдардан жүз бурушат.

Аллах мүнафыктардын эч качан жашыруун кала албашын Куранда мындайча билдирүүдө:

**Же жүрөгүндө оорусу (илдети) барлар Аллах кекенүүбүздү эч (ачыкка) чыгарбайт деп ойлоштубу? Эгер Биз кааласак, сага аларды албетте көрсөтөбүз, ошентип аларды жүздөрүнөн таанийсың. Ант болсун, сен аларды сөздөрдүн айтылышына карап да таанийсың. Аллах иштериңерди билет. Ант болсун, Биз силерден мүжахиддер менен сабыр кылуучуларды билгенге (белгилүү кылып ачыкка чыгарганга) чейин сынайбыз жана кабарларыңарды сынайбыз (баяндайбыз).» (Мухаммед Сүрөсү, 29-31)**

Аяттарда билдирилгендей, Аллах мүнафыктарды жүзүнөн жана сөздөрүнөн да момундарга таанытышы мүмкүн. Мүнафыктын эки жүздүү мүнөзү, ичиндеги коркуу жана тынчсыздануусу жүзүнө жана сөздөрүнө да чагылат.

Мүнафыктар эки жүздүүлүктөрү үчүн болсо бул дүйнөдө да, акыретте да оор бир азапка туш болушат.

## Мүнафыктар бул дүйнөдө да көп азап тартышат

Мүнафыктар фитна чыгаруу менен түбөлүк бир азапка татыктуу болушат. Аллахтын буйругу менен бул азап бул дүйнөдө эле башталат жана өлүмдөн соң тозокто түбөлүккө уланат.

Баарынан мурда бул дүйнөдө да мүнафыктар үчүн руханий бир азап бар. Дайыма кыйналып, коркуп жашашат. Момундарга карата кылгандарынын эки жүздүүлүк экенин негизи өздөрү да билишет. Ошондуктан дайыма абийирлеринин кыйноосун сезишет. Мындай кыйноо өмүр бою уланат.

Мындан тышкары, фитна чыгаруудан мурда да, кийин да дайыма коркушат. Эки жүздүүлүктөрү ачыкка чыгаардан мурда момундардын аларды байкап калышынан коркушат. Момундардан бөлүнгөн соң болсо Аллах кылгандарыбыз үчүн бизге азап берет деп дайыма коркуу ичинде жашашат. Куран ахлагы менен жашаган адамдардын санынын көбөйүшү мүнафыктардын коркуусун андан да көбөйтөт. Себеби Аллахка ыйман келтирген адамдардын көбөйүшү менен кичине пайдалары үчүн алардан бөлүнгөнүнө абдан бушайман болушат. Ошондуктан кээ бир мүнафыктар Ислам ахлагы кеңири кабыл алынган доорлордо момундарга кошулууга жана «биз да силерден болчубуз» сыяктуу сөздөрдү айтышып, алардын ийгилигине өздөрүн да кошконго аракеттенишет. Куранда Пайгамбарыбыз (сав) доорунда мындай окуялардын болуп өткөнү жана ал доордогу мүнафыктардын мамилелери мындайча баяндалууда:

**Мүнафыктарга сүйүнүчтүү кабар айт: алар үчүн чынында оор бир азап бар. Алар момундарды таштап, каапырларды дос (вели) тутушат. «Күч-кубат жана ардакты (абройду)» алардын жанынан издеп жатышабы? Албетте, «бүт күч-кубат жана ардак» Аллахка тиешелүү. (Ниса Сүрөсү, 138-139)**

**Алар силерди аңдып-турушат. Силерге Аллахтан бир фетих (жеңиш жана олжо) келсе: «Силер менен бирге эмес белек?» дешет. Бирок каапырларга бир үлүш тийсе: «Силерге жогорулукту камсыздабадыкпы, момундардан силерге (келе турган коркунучтардын) алдын албадыкпы?» дешет. Аллах кыямат күнү араңарда өкүм берет. Аллах каапырларга момундардын зыянына эч качан жол бербейт. (Ниса Сүрөсү, 141)**

Асры Саадет доорундагы мүнафыктардын Пайгамбар Мырзабыз (сав) ийгиликке жеткен согуштарда олжолордон алуу үчүн жалганчылык менен момундарга кошулууга аракеттенгени мындайча кабар берилген:

**(Согуштан) Артта калтырылгандар силер олжону алууга барганыңарда: «Бизге мүмкүндүк бергиле, силерди ээрчийли» дешет. Алар Аллахтын сөзүн өзгөрткүлөрү келип жатат. Айткын: «Силер эч биздин артыбыздан ээрчий албайсыңар. Аллах мурдатан ушундай буйруду.» Ошондо: «Жок, бизди кызганып жатасыңар» дешет. Жок, алар абдан аз түшүнгөн (акылсыз) адамдар. (Фетих Сүрөсү, 15)**

Байкалгандай мүнафыктар момундар жеңишке жеткенде, кайрадан аларга кошулууга аракеттенишкен, бирок момундардан эч жооп ала алышкан эмес. Тескерисинче, момундар күчтөнгөндө мүнафыктардын эки жүздүүлүгүн бүт адамдарга угузган жана мүнафыктар да ушундайча дүйнөдө бир басмырланууга дуушар болушкан.

## Тозоктун эң төмөнкү
## кабатына ташталышат

Мүнафыктар бүт кылган эки жүздүүлүк, фитна жана душмандыктары үчүн чыныгы жазаларын акыретте тартышат. Акыретте мүнафыктарга бөлүнгөн орун – бул тозоктун эң төмөнкү кабаты, б.а. эң көп азап бар жер. Куранда бул чындык мындайча кабар берилет:

**Чынында мүнафыктар оттун эң төмөн кабатында. Аларга бир жардамчы таба албайсың. (Ниса Сүрөсү, 145)**

Мүнафыктар эң төмөнкү кабатына бара турган тозок Куран аяттарында мындайча сүрөттөлгөн:

**Алар бир-бирине көрсөтүлүшөт. Бир кылмышкер-күнөөкөр ал күндүн азабынан кутулуу үчүн балдарын садака чапкысы келет; өз жубайын жана бир тууганын, жана аны баккан тууган-уругун да; жер бетиндегилердин баарын (берип), анан бир кутулса. Жок; (эч бири кабыл алынбайт). Чынында ал (тозок) алоолонуп күйүп жаткан от. Баштын терисин кууруп сыйрыйт. Жүз буруп, артка бурулганды чакырып-турат. (Меариж Сүрөсү, 11-17)**

**Ал жерде алар үчүн «сөөктөрдү чатыраткан сыздоолор» бар. Алар ал жерде угушпайт дагы. (Анбия Сүрөсү, 100)**

**(Мындайдын) Алдында тозок бар жана (ал жерде) ириңдүү суудан ичирилишет. Жутунууга аракеттенет жана тамагынан өткөрө албайт, ага бүт тараптан өлүм келет, бирок өлбөйт дагы. Андан соң күчтүүрөөк бир азап болот. Ал күнү кылмышкер-күнөөкөрлөрдүн (бекем) чынжырларга байланганын көрөсүң. Кийимдери (жабышчаак) кара желимден, жүздөрүн жалын каптайт. (Ибрахим Сүрөсү, 49-50)**

**Чынында, ал заккум дарагы; Күнөөкөрдүн тамагы. (Оттон) Ширеткич сыяктуу; курсактарда кайнай берет; Кайнак суу кайнаган сыяктуу. «Аны кармап, тозоктун ортосуна айдагыла.» «Анан кайнак суунун азабынан башынан ылдый куйгула.» (Духан Сүрөсү, 43-48)**

Мүнафыктар тарта турган мындай азап алардын кылгандарынын гана жазасы. Себеби алар жалгыз Аллахка кулчулук кылган момундарга душман болушуп, жалган жана тузактар менен аларды алдоого, аларды жолдорунан кайтарууга аракеттенишкен. Аларга каршы каапырлар менен кызматташып, аларга ар түрдүү куру дооматтарды жабышып, аларга курулган тузактардын башында турушкан.

Алардын дүйнө жана акыреттеги жазасы – бул алардын кылгандарынын гана жообу. Бир аятта билдирилгендей; «**Шексиз, Аллах адамдарга эч нерсе менен зулумдук кылбайт. Бирок адамдар өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышат.» (Йунус Сүрөсү, 44)**

# ДАРВИНИЗМДИН КЫЙРАШЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылыш чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Аллах жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

Эволюция теориясынын кыйрашы жана жаратылуу далилдерин башка көптөгөн эмгектерибизде бардык илимий деталдары менен бирге колго алганбыз жана алып келүүдөбүз. Бирок бул тема абдан маанилүү болгондуктан, бул жерде да кыскача баяндоо пайдалуу болот.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Аллах тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фоссил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңир жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: **«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»** *(Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, New York: Marcel Dekker, 1977, s. 2*)

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: **«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»** *(Alexander I. Oparin, Origin of Life, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), s.196)*

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан. *("New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", Bulletin of the American Meteorological Society, c. 63, Kasım 1982, s. 1328-1330)*

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган. *(Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, s. 7)*

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды? *(Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40)*

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн $1/10^{950}$ге барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500дүк беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда. *(Leslie E. Orgel, The Origin of Life on Earth, Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78)*

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

## Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку – теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү менен ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде **«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда**

**болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»** деп айтууга мажбур болгон. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189)*

## Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 184)*

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

## Нео-Дарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири тарлган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет.**

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

«Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет

же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет». *(B. G. Ranganathan, Origins?, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988)*

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – рак). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

## Фоссилдер: ортоңку звено жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – фоссилдер.

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-куш пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды **«ортоңку звенолор (формалар)»** деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фоссилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

«Эгер теорияm туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фоссил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн. (Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179)

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фоссилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз. (Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, c. 87, 1976, s. 133)

Башкача айтканда, фоссил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.» *(Douglas J. Futuyma, Science on Trial, New York: Pantheon Books, 1983. s. 197)*

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, **«түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.**

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, c. 258, s. 389)*

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш бойунча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат. *(J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, Aralık 1992)*

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү. *(Alan Walker, Science, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, New York: J. B. Lipincott Co., 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, s. 272)*

Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан. *(Time, Kasım 1996)*

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.» *(S. J. Gould, Natural History, c. 85, 1976, s. 30)*

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

«Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19)*

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Каалсаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды,

банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз **атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт**. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. **Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.**

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, терeңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз

айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

## Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда

болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча $см^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

## Материалисттик ишеним

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

«Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз. *(Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 Ocak 1997, s. 28)*

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жаратkан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир караšты, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын**

**бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

**Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим**. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат. *(Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s.43)*

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай илимибиз жок. Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү, өкүм жана хикмат (терең акыл) ээсисиң.» (Бакара Сүрөсү, 32)**

**Мүнафык эркектер менен мүнафык аялдар; кээ бири кээ биринен; жамандыкка буюрушат, жакшылыктан тосушат, абдан сараңдык кылышат. Алар Аллахты унутушту; Ал да аларды унутту. Шексиз, мүнафыктар бузукулар. Аллах эркек мүнафыктарга да, аял мүнафыктарга да жана (бүт) каапырларга ичинде түбөлүк кала турган тозок отун убада кылды. Бул аларга жетет. Аллах аларды каргаган жана алар үчүн тынымсыз бир азап бар.**
**(Тообо Сүрөсү, 67-68)**

**Чындыгында, мүнафыктар (өз оюнда) Аллахты алдашууда. Чынында болсо Ал аларды алдоочу. Намазга турганда, каалабастан (араң) турушат. Эл көрсүн үчүн кылышат жана Аллахты абдан аз эстешет. Ортодо олку-солку болуп турушат. Алар менен да эмес, булар менен да эмес. Аллах кимди адаштырса, сен ага жол таба албайсың.**
**(Ниса Сүрөсү, 142-143)**

**Мына ушундай; себеби чынында алар Аллахты ачуулантккан нерсени ээрчишти жана Аны ыраазы кыла турган нерселерди жаман көрүштү; ошол үчүн (Аллах алардын) иштерин текке кетирди. Же жүрөгүндө оорусу (илдети) барлар Аллах кекенүүбүздү эч (ачыкка) чыгарбайт деп ойлоштубу? Эгер Биз кааласак, сага аларды албетте көрсөтөбүз, ошентип аларды жүздөрүнөн тааныйсың. Ант болсун, сен аларды сөздөрдүн айтылышына карап да тааныйсың. Аллах иштериңерди билет.**
**(Мухаммед Сүрөсү, 28-30)**